# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. №4 (5) чыгарылыш. Апрель, 2012 ж.

*Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*

Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Баш редактору,
ӨСИ башкаруу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилине котормонун редактору
***Нургуль Джаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**

***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет»
журналынын редакциясы;

***электрондук*** – office@dpi.kg, nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08

Журналда
Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

**ЖӨБ кадрлары**

Штаттык түзүм. Көйгөйлүү түзүмбү? ... 2

**Мыйзам чыгаруудагы жаңылыктар**

Башкаруу органдарынын натыйжалуулугун баалоо тууралуу ... 6

ЖӨБ системасына тиркемеде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк тууралуу ... 6

Айылдык аймактын Насыя союздары тууралуу ... 6

Шайлоолор туурaлу ... 7

Кадрдык дайындоолор ... 7

Учурдагы ченем акттардагы өзгөрүүлөр ... 7

ЖӨБ органдарынын штаттык түзүмү ... 7

**ЖӨБ ресурстары**

"Чүй облусундагы муниципалитеттердеги ресурстарга тең укуктуу жетүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу" ... 8

**ЖӨБ каржысы**

Билим берүү системасын адам башына каржылоо: кимдин жоопкерчилиги жана акчасы? ... 9

Формуланын жука материясы: ЖӨБ киреше потенциалы категориалдык гранттардын өлчөмүнө кантип таасирин тийгизет ... 15

**Юридикалык кеңеш**

Аскердик-эсепке алуу жана паспорттук столдордун иши, башкы план жана жаш адистерге пособие тууралуу ... 18

**Элдин үнү**

Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактарынын тургундары жамааттын акчасын кайда сарптаарын өздөрү чечишти ... 22

Төрт-Күл айыл аймагы: калк менен диалог жаңы деңгээлге чыкты. Катуу тиричилик калдыктар боюнча өткөрүлгөн комдук угуулардын натыйжалары ... 26

Коомдук иликтөө: слогандан технологияга карай ... 30



Асылбек Чекиров

# Штаттык түзүм. Көйгөйлүү түзүмбү?

Муниципалдык башкаруу тармагындагы эң курч көйгөйлөрдүн бири – бул кадрлар көйгөйү. Мында эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасындагы прогрессивдүү кайра өзгөрүүлөргө карата да, ошондой эле өтө тездиктеги чегинүүгө карата да жалпысынан кызыл чеке талкуулар жүрүп жатканы менен, муниципалитеттин башкаруу аппаратынын структурасына, штаттык түзүмүнө жана эмгек акы шарттарына карата олуттуу өзгөрүүлөр байкалбайт.

Балким жакшы ниети менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына камкордугун көрсөтүү үчүн 2012-жылдын 16-мартында КР өкмөтү өз токтому менен Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун элеттик аткаруу органдарынын жаңы типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитти. Бул документ кабыл алынаар замат ЖӨБнун элеттик органдары Каржы министрлигинин, Курулуш жана аймактык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин жооптуу адамдарына бул токтомду колдонуу тартибин түшүндүрүп берүүнү талап кылган каттарды "жаадырышты". Элеттик муниципалитеттердин башчыларын эмне мынча санаага салды?

Өзгөрүүлөр айыл өкмөтүнүн штаттык түзүмүндөгү адистиги боюнча оюгунда кызматкерлердин курамын дагы да деталдуу сүрөттөө жагына тиешелүү болду. Анын ичинде айыл өкмөт аппаратынын мурдагы санынын алкагында эми болсо төмөнкү адистерди штатка кошуу сунушталган: юрист, участкалык инспектор, маалыматтык-компьютердик технологиялар боюнча адис, мал чарбачылыгы жана ветеринардык тейлөө маселелери боюнча адис.

Бир караганда мындай деталдаштыруу ар түрдүү ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү адистер аркылуу калкка ар тараптуу кызматты көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен ЖӨБ органдарынын потенциалын күчөтөт. Атүгүл ЖӨБ органдарына участкалык дарыгерди, ветеринардык доктурду, ички иштер органдарынын кызматкерин (участкалык инспектор) штатка кошуу укугун берген "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамдын

**нормасы (46-берене, 6-пункт) эсепке алынган. ЖӨБ органдарынын көпчүлүк башчылары өз муниципалитетинде жогоруда аталган адистерге ээ болуу зарылчылыгы тууралуу көптөн бери айтып келатышат. Мына эми өкмөт бул каалоону аткарды. Анда эмне үчүн мындай массалык терс реакция жаралды?**

## Ким маанилүү – дарыгерби, же жер уюштуруучубу?

Токтомдун мурдагы редакциясында өкмөт ЖӨБ органдарына штаттык күн тартибин орнотулган чемемдердин алкагында өз алдынча түзүү укугу берилген. Негизинен 5 миңден 10 миңге чейин адам жашаган айыл өкмөтүнүн курамына 5 башкы жана 4 негизги адисти киргизүү сунушталган. Мында конкреттүү адистиктер ЖӨБ органдары тарабынан керектөөгө жараша аныкталган. Мисалы, көпчүлүк айыл өкмөттөрүндө инвестицияларды тартуу, жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү, кирешелерди чогултуу ж.б. боюнча адистер пайда болду. Мында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамдын 46-беренесине ылайык, ЖӨБ органдарына штатка башкы жана негизги адис позициясына дарыгерди же участкалык инспекторду киргизүүгө тыюу салынган эмес. Ал эми токтомдун жаңы редакциясы ЖӨБ органдарына штаттык түзүмүн түзүүдө маневрга, өз алдынчалуулукка тыюу салып, бардык бош орундарды катаал бекитти. Муниципалитеттер кайгылуу жана берекесиз тандоого тушукту: же аларга зарыл болгон орундарды кыскартуу менен учурда керек эмес адистерди ишке алуу, же айлык акы үчүн каржылоого ээ болуу үчүн гана бардык бош орундарды толтуруу. Мындан тышкары 5 000 адамга чейин калкы бар айыл өкмөтү үчүн штаттык түзүмдөн маанилүү орундардын бири түшүп калды – бул жер уюштуруучу. Албетте айылда дарыгер – эң зарыл адис, анткен менен саламаттыкты сактоо – бул мамлекеттин функциясы да. Ал эми жер – ЖӨБ органдарынын негизги ресурсу жана аны башкаруу – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз функциясы эмеспи!

## Милиционер муниципалдык кызматкер болуш керекпи?

Негизги штаттык түзүмгө кошумча бош орундарды кошуу – бул адистерди мамлекеттик деген категориядан чыгарып, аларга муниципалдык кызматкер деген макамды берет. Биринчи кезекте бул участкалык инспекторго тиешелүү. Ага карата бир заматта отчеттуулукка, социалдык куржунуна, жалпы стажда кызмат өтөгөн убактысы, курал алып жүргөнү жана башкаларга байланыштуу бир нече суроолор пайда болот. Ошол эле учурда эгерде аны тартип коргоо органынын кызматкери деген макамда калтырып койсо, анда эмне үчүн өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча акча жергиликтүү бюджеттен төлөнүп жатат деген суроо жаралат. Жогорудагы суроолорго жооп табуу үчүн мыйзамда мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бул тармактагы функцияларын жана ыйгарым укуктарын так ажырымдоо талап кылынат. Анткени мыйзам боюнча коомдук тартипти камсыздоо ("КР ички иштер органдары жөнүндө" мыйзам ж.б.) мамлекеттик органдардын функциясына кирет. Ошол эле учурда "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 18-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук тартипти сактоого көмөктөшөт. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажырымдабаса, жогорудагы маселелер чечилбейт, участкалык инспектордун макамы, укуктары жана милдеттери, жоопкерчилигинин чеги, ишмердүүлүгүн каржылоонун тартиби жана булагы аныкталбайт, натыйжада ал өз функциясын натыйжалуу аткара албай калышы ыктымал.

Жалпыга маалым болгондой, айыл өкмөтүндөгү адистердин маянасы өтө эле төмөнкү деңгээлде турат жана атүгүл минималдык жашоо деңгээлине да жетпейт. Мындай маянага маалыматтык технологиялар боюнча адистер, квалификациясы жогору дарыгерлер жана ички иштер органдарынын кызматкерлери келет деп үмүт артпай деле койсо болот.

## Эмне үчүн күрөшкөн элек?

Балким муниципалитеттин өкүлдөрү кошумча жумуш орундары боюнча өз сунуштарын айтып жатканда алардын эч кимиси бул орундар муниципалдык кызматкерлер макамын алаарын ойлобосо керек. Анткени саламаттыкты сактоо жана коопсуздук маселелери – булар мамлекеттин функциялары да. Ветеринария, маалыматтык технологиялар маселелери – көбүнчө акы үчүн кызмат көрсөткөн жеке сектордогу ишмердүүлүктүн чөйрөсү. Атүгүл штатта маалымат технологиясы боюнча адисти кармоо канчалык зарыл болгону түшүнүксүз. Анткени ал аптасына бир нече саат гана иштейт. Жалпысынан бул токтомдун анализи төмөнкүдөй тыянак чыгарууга түрткү берип жатат:

- документтин практикада колдонулушу муниципалдык башкарууну жакшыртпайт, тескерисинче ЖӨБ органдарынын өз алдынчалуулук деңгээлин азайтат;
- кошулуп жаткан орундар боюнча кошумча каржылоонун жоктугу аны реалдуу колдонуу мүмкүнчүлүгүн дээрлик жокко чыгарып жатат;
- катаал штаттык түзүм муниципалитеттерди керектөөсүнө жараша зарыл болгон адистердин тизмесин өз алдынча аныктоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, алардын административдик автономиясын чектеп жатат.

## Жети өгөй эненин колунда

Тилекке каршы акыркы жылдары штаттык түзүмдү түзүү жана муниципалдык кызматкерлердин маяна шарттары маселеси экинчи планга жылып, ого бетер чырмашты. Тушүнүксүз себептерден улам ЖӨБ органдарынын маянасынын деңгээлин аныктаган өзөктүү документ – өкмөттүн 2011-жылдын 29-июлундагы №436 токтому "кызматтык колдонуу үчүн" деген белги менен сакталган жана аны ЖӨБО өздөрү ала алышпайт. Жогорудагы маселелер толгон-токой ченемдик-укуктук акттар менен жөнгө салынган кырдаал түзүлүп, алар бири-бирине карама-каршы келген учурлар да жок эмес. Өзүнчө бир мыйзамдар жана өкмөттүн токтомдору менен төмөнкү маселелер аныкталды:

- ЖӨБ органдарынын структурасы жана штаттык түзүмү;
- ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин эмгек акысынын деңгээли;
- кичи тейлөөчү жана техникалык персоналдын эмгек акысынын деңгээли;
- маянага коэффициенттерди жогорулаткан маселелер.

Ошол эле учурда "Муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамда декларацияланган маянага кошумчалар боюнча шыктандыруу системасын ишке ашыруу механизми жок.

## Кырдаалды кантип оңдойбуз?

ЖӨБ органдарындагы кадрларды түзүү системасын түп тамырынан бери карап чыгуу сунушталат. Штаттык түзүмдү түзүүнүн жана эмгек акысынын шарттарынын принциптерин жөнгө салган бардык маселелер балким өкмөттүн бирдиктүү токтомунда көрсөтүлүшү керектир. Мында бул токтомдогу бардык жоболор төмөнкү принциптерге жооп бериш керек:

- Бекитилген жалпы бирдиктердин алкагында ЖӨБ органдарынын штаттык түзүмүн түзүүдө өз алдынчалуулук.
- Мамлекет муниципалитеттерге кепилдеген ЖӨБ органдарынын белгилүү бир категориялары үчүн маяна фондунун стандарттарын аныктоо. Мында кепилдик бакубат ЖӨБ органдары үчүн жергиликтүү бюджеттеги каражаттан жана "дотациялык" үчүн республикалык бюджеттеги каражаттардан түзүлөт.
- Маяна фондунун стандарттарынын алкагында ЖӨБ органдарына зарыл болгон санды өз алдынча аныктоо, ал эми үнөмдөлгөн каражатты өз кызматкерлерин шыктандырууга багыттоо укугун берүү.
- Иш тажрыйбасына, кызматтарды айкаштыруу мүмкүнчүлүгүнө, квалификация деңгээлине жана иштин натыйжасына жараша өз кирешесинин эсебинен муниципалдык кызматкердин айлыгына үстөк акча кошуу системасын кароо.

Мында ушул токтомду ишке ашыруу республикалык бюджеттен кошумча каржы ресурстарын талап кылбаарын кошумчалай кетүү зарыл. Бул схема муниципалдык башкарууну жакшыртууга жана жаңы ыкмалардын жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлерин шыктандыруу системасын түзүүнүн эсебинен кадр саясатын оптималдаштырууга багытталган. Мындай ченемдик-укуктук актты кабыл алуу жергиликтүү деңгээлде кадр саясатындагы топтолгон маселелерди чечүүгө жана ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун жана жоопкерчилигин арттырууга жол ачат.



**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-мартындагы № 181 токтому**

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

- аталган токтом менен бекитилген айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык саны ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда берилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

"Эркин Тоо" гезитинин 2012-жылдын 20-мартындагы № 23 санында жарыяланды Кыргыз Республикасынын премьер-министри Ө.Бабанов

**Кыргыз Республикасынын премьер-министри**
**Ө.Бабанов**

**КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 токтому менен бекитилген айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык саны**

| Кызматтардын аталышы | Калктын саны болгон учурдагы штаттык сан (миң адам) | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 5ке чейин | 5-10 | 10-20 | 20дан жогору |
| Башчы | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башчынын орун басары | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Жоопту катчы | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башкы адис – юрист | - | 1 | 1 | 1 |
| Башкы адис – участкалык инспектор(*) | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Маалымат-компьютердик технологиялар боюнча адис | - | 1 | 1 | 1 |
| Каржы-экономикалык бөлүмдүн башчысы – башкы эсепчи (**) | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башкы адис – төлөөчү эсепчи | - | 1 | 1 | 1 |
| Экономика жана статистика боюнча бащкы адис | - | 1 | 1 | 1 |
| Кирешелер боюнча башкы адис | 1 | 1 | 2 | 3 |
| Чыгашалар боюнча адис – эсепчи-кассир | - | 1 | 1 | 1 |
| Башкы адис – участкалык врач (*) | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Социалдык коргоо жана социалдык-маданий суроолор боюнча башкы адис | - | - | 1 | 1 |
| Социалдык коргоо боюнча адис | 1 | 1 | 1 | 2 |
| Мал чарбасы жана ветеринардык кызмат көрсөтүү боюнча башкы адис (*) | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Жер, турмуш-тиричилик жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча башкы адис | - | 1 | 1 | 1 |
| Жер жана айыл чарбасы боюнча башкы адис | - | 1 | 1 | 1 |
| Аскердик эсепке алуу столдун инспектору (***) | | | | |
| Айыл башчысы (****) | | | | |
| Жалпы: | 8 | 16 | 19 | 21 |
| Техникалык кызмат көрсөтүүчү кызматкерлер: | | | | |
| ТОП | 1 | 1 | 2 | 3 |
| МОП | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Бардыгы: | 10 | 18 | 22 | 25 |

(*) Эскертүү: Жетектөөчү адиске – участкалык врач, мал чарбачылык жана ветеринариялык тейлөө маселелери боюнча башкы адиске, башкы адис - участкалык инспекторго (ички иштер органдарынын кызматкери) талапкерлер 3 айлык сыноо мөөнөтүнө жана андан ары 3 жылга бекитүү менен контракттык негизде кабыл алынышат.

(**) Эскертүү: Айылдык аймактын финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысын – башкы бухгалтерди жергиликтүү кеңештин көпчүлүк депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык органдарынын макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы кызматка дайындайт жана бошотот.

(***) Эскертүү: Жалпы аскердик милдеттердин талаптарын аткарууну камсыздоо үчүн персоналды аскердик-эсепке алуунун саны төмөнкү жүктөмдүн нормаларына ылайык белгиленет:

- каттоодо 300 аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучу болгон учурда – бир бошотулган кызматкер – аскердик-эсепке алуу столунун инспектору;

- каттоодо 300дөн 1000ге чейинки аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучу болгондо – эки бошотулган кызматкер жана андан кийинки ар бир 1000 аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучуларга – бирден бошотулган кызматкер – аскердик-эсепке алуу столунун инспектору;

(****) Эскертүү: Айылдык кеңештин чечими боюнча айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адисинин деңгээлинде айыл башчысы кызматы киргизилиши мүмкүн.

## • Башкаруу органдарынын натыйжалуулугун баалоо тууралуу

### КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-февралындагы "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо жөнүндө" №105 токтому

Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана КР ЖӨБО жетекчилеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун системалык баалоону ишке ашыруу жана алардын жоопкерчилигин арттыруу максатында Токтом менен Ишмердүүлүктү баалоо методикасы жана Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн базалык көрсөткүчтөрдүн Тизмеси, ошондой эле "Калктын ишеним индекси" тууралуу Жобо жана Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө карата калктын ишеним деңгээлин аныктоо боюнча Типтүү анкета бекитилди.

Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана КР жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу максатында жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, АӨ арасындагы сынакка төмөнкү номинациялар боюнча премиалык фонд киргизилди:

- "Эң мыкты облус" – беш миллион сом;
- "Эң мыкты район": I орун үчүн – төрт миллион сом, II орун үчүн – үч миллион сом;
- "Эң мыкты айыл өкмөтү": I орун үчүн – беш миллион сом, II орун үчүн – төрт миллион сом, III орун үчүн эки миллион сом.

## • ЖӨБ системасына тиркемеде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк тууралуу

### 2012-жылдын 22-февралындагы "Кыргыз Республикасында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө" №7 КР мыйзамы ЖӨБ системасына мамлекеттик-жеке өнөктөштүк принциптерин киргизет (буга чейин ЖӨБ органдары мыйзамда эскертилген эмес)

Мыйзамда аныкталгандай, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк бул – мамлекеттик өнөктөштүн жеке өнөктөштү объекттерди долбоорлоого, каржылоого, курууга, калыбына келтирүүгө, реконструкциялоого тартуу, ошондой эле бар болгон же кайрадан жасалып жаткан объекттерди, анын ичинде инфраструктуралыктарды башкаруу маселелери боюнча мамлекеттик жана жеке өнөктөштөрдүн узак мөөнөттүү (50 жылга чейин) бирге аракеттешүүсү.

Мыйзамга ылайык, мамлекеттик өнөктөш болуп Өкмөт, аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, анын ичинде министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор жана жергиликтүү мамлекеттик администрация, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана муниципалдык ишканалар чыгат. Жеке өнөктөш болуп КР, же болбосо чет өлкөнүн мыйзамдары боюнча катталган жеке ишкерлер жана юридикалык жактар, же ушундай юридикалык жактардын бирикмелери чыкса болот.

## • Айылдык аймактын Насыя союздары тууралуу

Айылдык аймактын Насыя союздары тууралуу жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Калкты жумуш менен камсыздоого жана жакырчылыкты азайтууга көмөктөшүү боюнча чаралар тууралуу" 2012-жылдын 12-апрелиндеги №240 Токтому менен бекитилген. Насыя союзу микрокредиттерди алуу үчүн аз камсыздалгандардын категориясына кирген жумушсуз жарандардын тизмесин түзүп чыгуу максатында түзүлөт. Ал дайыма иштеп турган консультативдик-кеңеш берүүчү орган деп эсептелет жана өз ишмердүүлүгүн коомдук башталышта ишке ашырат.

# • Кадрдык дайындоолор

КР Премьер-министринин 2012-жылдын 12-мартындагы буйругу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана аймактык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин директорунун орун басары болуп Нарусбаева У.Р. дайындалды. Буга чейин Нарусбаева У. Р. учурда жоюлуп кеткен Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттиктин статс-катчысы болуп иштеген.

КР Премьер-министринин 2012-жылдын 13-мартындагы буйругу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана аймактык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин директорунун орун басары болуп Мусабеков А. О дайындалды. Буга чейин Мусабеков А. О. КР Өкмөтүнүн аппаратында иштеген.

# • Учурдагы ченем акттардагы өзгөрүүлөр

Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актталарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу 2012-жылдын 17-мартындагы №20 КР мыйзамы: "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамындагы өзгөртүүлөр райондук кеңешке акимдин талапкерлигин КР Премьер-министри көрсөткөн процедурасына тиешелүү.

"Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) мамлекеттик каттоосу жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы ЖӨБ органынын каттоосундагы процедуралык учурлары жөнүндө.

# • ЖӨБ органдарынын штаттык түзүмү

КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-мартындагы "КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" 2011-жылдын 5-августундагы №451 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" №181 Токтому.

Бул токтом ЖӨБ органдарынын жана эксперттик жамааттын терс реакциясына тушукту. Андыктан "Муниципалитет" журналы кырдаалга сереп салуу өтүнүчү менен эксперттерге кайрылды. Толугу менен "Штаттык түзүм: көйгөйлөрдүн түзүмүбү?" аттуу макаладан окуңуз.

# • Шайлоо тураалуу

## Ош жана Нарын облустарынын айрым муниципалитеттеринде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын жана кээ бир айыл өкмөт башчыларын шайлоо дайындалды

КР Президентинин "Кыргыз Республикасынын Ош жана Нарын облустарындагы жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө" 2012-жылдын 5-мартындагы №57 Указы. Өзгөн районунун Алтын-Булак, Мырза-Акен айылдык аймактарындагы айылдык кеңешке, Ош облусунун Араван районунун Нурабад, Тепе-Коргон айылдык аймактарындагы айылдык кеңешке, Нарын облусунун Жумгал районунун Чоң-Дөбө айылдык аймагынын айылдык кеңешине депутаттарды шайлоо 2012-жылдын 6-майына белгиленди.

Кыргыз Республикасынын Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңешинин депутатынын күбөлүгү жана төш белгиси тууралуу жобону бекитүү жөнүндө" 2012-жылдын 16-мартындагы №49 Токтому.

КР Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын – айыл өкмөтүн шайлоону дайындоо жөнүндө" 2012-жылдын 26-мартындагы №52 Токтому. Баткен облусунун Кадамжай районундагы Майдан АА, Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Ноокен АА, Ош облусунун Алай районундагы Үч-Дөбө АА, Нарын облусунун Жумгал районундагы Баш-Кууганды АА, Чүй облусунун Москва районундагы Сретенск жана Петровка АА, Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Талды-Суу АА, Талас облусунун Кара-Буура районундагы Шекер АА шайлоо 2012-жылдын 21-апрелине белгиленген.

# "Чүй облусундагы муниципалитеттердеги ресурстарга тең укуктуу жетүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу"

ӨСИ "Сорос-Кыргызстан" корунун колдоосу менен "Чүй облусундагы муниципалитеттердеги ресурстарга тең укуктуу жетүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу" долбоорун ишке ашырып жатат. Долбоордун максаты – ачык, акыйкат, айкын башкаруу жолу менен жаратылыш ресурстарына тең укуктуу жетүү механизмин өнүктүрүү жана жаратылыш ресурстарын сынак аркылуу берүү.

2012-жылдын 2-мартында Бишкек шаарында Чүй облусунун 10 муниципалитети үчүн орнотуучу семинар өттү. Семинарда долбоордун максаты, милдеттери жана күтүлгөн жыйынтыктары айтылды. Семинарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укукту каттоо департаментинин өкүлү, Чүй, Аламүдүн жана Ысык-Ата жергиликтүү каттоо органдарынын жетекчилери, ошондой эле ресурстарга ачык жетүү механизмдери ийгиликтүү киргизилген Беловодск жана Петровка муниципалитеттеринин өкүлдөрү катышты. Орнотуучу семинардын алкагында муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айкындуулугун жана жоопкерчилигин арттырууга, жер маселелери боюнча талаш-тартыштардын санын азайтууга жана муниципалитеттерде ресурстарды башкарууга тең укуктуу жетүүнү камсыздоого тиешелүү маселелер каралды.

Семинардын жүрүшүндө муниципалдык жерлерди натыйжалуу башкаруу боюнча жардамга өзгөчө муктаж болгон пилоттук беш муниципалитетти тандап алуу үчүн 10 муниципалитеттин арасында анкета жүргүзүлдү. Тандоо критерийлерине айылдык муниципалитеттин тургундарынын көп улуттуу курамы жана жерге байланыштуу талаштардын болгону да кирди. Жүргүзүлгөн анализдин натыйжасы боюнча төмөнкү пилоттук муниципалитеттер тандалып алынды: Чүй району – Ак-Бешим, Аламүдүн району – Төмөнкү Ала-Арча; Ысык-Ата району – Логвиненко, Юрьевка муниципалитеттери.

Чүй облусунун бардык беш элеттик муниципалитетинде окутуучу семинарлар уюштурулду. Алардын негизги максаты катышуучуларды жаратылыш ресурстарына ачык жана тең укуктуу жетүү принциптерине үйрөтүү болду. Семинардын жүрүшүндө катышуучуларга төмөнкү темалар берилди:

- "Муниципалдык менчик укугунун мыйзамдык негиздери";
- "Муниципалдык менчикти башкаруунун негизги принциптери";
- "Муниципалдык жерлерди башкаруу".

Семинарга АӨ башчысы, аппараттын кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, жергиликтүү жамааттын активисттери катышты.

Ушул тапта Чүй облусунун тандалып алынган беш облусунда муниципалдык жерлерди эсепке алуу жана инвентаризациялоо боюнча иштер башталды.

Аны менен катар Өнүктүрүү саясат институтунун адистери муниципалдык менчиктин карамагындагы жер участокторуна менчик же ижара укуктарын айкын башкаруу жана берүү маселелери боюнча Чүй облусундагы муниципалитеттердеги жергиликтүү ченем укуктук акттарды анализдөө боюнча иштерди жүргүзүп жатышат.

Пилоттук муниципалитеттерде муниципалдык жерлерди натыйжалуу бөлүштүрүүгө, ресурстарга тең укуктуу жана ачык жетүүгө өбөлгө боло турган Муниципалдык жерлерди башкаруунун Стратегиясын же Планын иштеп чыгуу каралган.

Муниципалдык жерлерди эсепке алуунун жана инвентаризациялоонун, жергиликтүү ченем укуктук акттардын долбоорлорун иштеп чыгуунун жана муниципалдык жерлерди башкаруунун Стратегиясынын же Планынын жыйынтыгы боюнча муниципалитеттерде коомдук угуулар өткөрүлөт.

**Мээркан Карбозова,**
ӨСИ муниципалдык менчик боюнча адиси





# Билим берүү системасын адам башына каржылоо: кимдин жоопкерчилиги жана акчасы?



**Асылбек Чекиров,**
"Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги" долбоорунун
бюджет аралык мамилелер боюнча адиси, Өнүктүрүү саясат институту

**Билим берүү системасын каржылоо – бул Кыргыз Республикасынын мурдагы өкмөттөрү тушуккан көйгөй. Айрымдар бул маселе өзүнөн өзү чечилип, бийлик болсо системанын өзүн алмаштырбастан эле бийликте кармалып калабыз деп үмүттөнүшкөн. Жарандардын эң тил алчаак тобу деп эсептелген мугалимдер өз наразычылыгын ачык билдирбестен, шайлоо алдында мугалимдерге басым жасап, толгон-токой убадаларды берген саясатчыларга сааты жеткенге чейин үмүт артып, аларды басынткан абалга чыдап келишкен.**

**Мындай кырдаал түбөлүккө сакталмак эмес жана бир күнү жарылмак. 2010-2011-ж.ж. аралыгында билим берүү кызматкерлеринин нааразылык маанайлары азыркы бийликти жалпы билим берүү системасында реформаларды тездетүүгө мажбурлады. Күтүлгөндөй эле башкы саясий билдирүү катары мугалимдердин маянасын көтөрүү, каржы ресурстарын башкарууда мектептердин өз алдынчалуулугун камсыздоо жана квалификация деңгээлине жараша мугалимдерге дем берүү үчүн мотивация системасын иштеп чыгуу тууралуу убадалар берилди. Өкмөттүн оюу боюнча, адам башына каржылоо принцибине негизделген ресурстарды башкаруунун жаңы системасы мына ушул принциптердин баарына жооп бермекчи. Бирок реформанын эч ким токтоолук менен ооз ачпаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына коркунуч жараткан экинчи жагы да бар.**

## Кириш сөз алды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2011-жылдын 20-сентябрында "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын адам башына каржылоо системасына өткөрүү жөнүндө" №563 токтомду кабыл алды. Ушул эле токтом менен жалпы билим берүү мекемелеринин бардык системасын камсыздоо үчүн да, муниципалдык билим берүү – шаардык жана айылдык аймактардагы түрү боюнча да категориалдык гранттын көлөмүн аныктоо үчүн убактылуу методика жана формула киргизилди.

Токтом Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын

**1-таблица. Жергиликтүү бюджеттердин 2012-жылдагы кирешелери**

| Аталышы | 2011-ж. аныкталган бюджет, млн. сом | 2012-ж. бюджет долбоору, млн. сом | Чектен чыгуу, млн. сом | Өсүш, % |
|---|---|---|---|---|
| Жергиликтүү бюджеттер жалпысынан, анын ичинде | 20639,8 | 22454,6 | 1814,8 | 108,8% |
| Өздүк жеке кирешелер | 7996,3 | 9739,7 | 1743,4 | 121,8% |
| Категориалдык гранттар | 3929,5 | 10760,0 | 6830,5 | 263,4% |
| Теңдөөчү гранттар | 763,2 | 954,9 | 191,7 | 125,1% |
| Берилүүчү каражаттар | 7950,8 | 1000 | -6950,8 | 12,6% |

28-декабрындагы “Кыргыз Республикасында билим берүүнү каржылоонун орто мөөнөттүү стратегиясы жөнүндө” №891 токтому менен бекитилген Билим берүүнү каржылоонун орто мөөнөттүү стратегиясын андан ары ишке ашыруу жана билим берүү секторунда каржылоонун мамлекеттик стандарттарын камсыздоо боюнча бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү максатында кабыл алынган. Аталган токтом менен жалпы билим берүү системасын каржылоонун төмөнкү негизги принциптери киргизилген:

- Каржылоо көлөмү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында орнотулган бюджеттик каржылоо стандарттарына (БКС) шайкеш келиш керек.
- Бюджеттик каржылоонун стандарты бир окуучуга аныкталат жана мындан улам мектептин бюджети тартылган окуучулардын санына жараша болот.
- Бюджеттик каржылоонун стандартында чыгашалар мугалимдердин маянасына да, ошондой эле окуу китептерин сатып алууга кеткен чыгымдарга, мугалимдердин иш сапарларынын чыгымдарына, квалификацияны жогорулатууга, ремонтко, окуу чыгымдарына кеткен каражаттарга да аныкталган.
- Алынган каражаттардын көлөмүнүн алкагында мектептерге каржы ресурстарын өз алдынча башкаруу укугу берилет, анын ичинде мугалимдерди материалдык жактан кошумча шыктандыруу мүмкүнчүлүгү пайда болот.
- Акы үчүн кошумча кызматтар боюнча ченемдер киргизилет, алар үчүн акы мектептин карамагында кала берет жана мугалимдердин айлыгын жогорулатууга бөлүштүрүлөт.

Ушул тапта республиканын бардык аймагында жаңы ыкманы киргизүү боюнча кеңири маалыматтык өнөктүк жүрүп жатат. Анын жаңычылдыгы, инновациялуулугу, актуалдуулугу баса белгиленип жатат. Анткен менен, айрым адистердин баамында, белгилүү бир көйгөйлөр да бар. Алар базар мамилелерин билим берүү системасына которуу; окуучулардын санынын аз болгонунан улам каржылоо да жетишсиз болуп кала турган кичи көлөмдүү мектептер жана башка маселелер менен байланыштуу. Бирок жалпысынан билим берүүнүн бардык системасын өнүктүрүү жагынан алып караганда сунуш кылынып жаткан реформа дагы да прогрессивдүү жана келечектүү деп таанылып жатат.

## Арам ой эмнеде? Кимдин акчасы?

Көптөгөн эл алдында чыгып сүйлөөлөр, эксперттик бааларды изилдөө, бул реформага байланыштуу талкууларга катышуу учурунда Өнүктүрүү саясат институтунун адистери далилсиздик сезиминен арыла албай коюшту. Мамлекеттин өкүлдөрү жана эксперттер билбегенинен уламбы, же атайлап эле көтөрүп чыгууну такыр каалабаган үчүнбү, айтор кайсы суроону көз жаздымда калтырып коюшууда? Бул суроо эң башкысы болуп жүрбөсүн деген жөнөкөй тыянак чыгарса болот: **бул реформаны кайсы каражаттын эсебинен ишке ашыруу пландалып жатат?**

“2012-жылга карата республикалык бюджет жана 2013-2014-ж.ж. божомол жөнүндө” КР мыйзамындагы маалыматтардан жөнөкөй анализ жүргүзөбүз.

2012-жылга категориалдык гранттардын көлөмү Кыргызстандын бардык облустары адам башына каржылоонун принциптерине өткөнүнүн негизинде эсептелингенине көңүл буруу зарыл (Жалал-Абад жана Нарын облустары жаңы системага 2013-жылдын 1-сентябрында өтөт). Мында категориалдык гранттын көлөмүнүн 6830,5 миллион сомго өскөнү мугалимдердин маянасынын жана буга чейин өткөрүлүп берилген каражат катары каржыланган тамактануу үчүн чыгашанын өсүш эсебинен гана болду (1-таблицаны караңыз). Башкача айтканда, бюджеттик каржылоонун стандарттарын камсыздоого – окуу китептерин сатып алууга, мугалимдердин иш сапарларына кеткен чыгымдар, квалификацияны жогорулатууга каражаттар, ремонтко, окуу чыгашаларына кошумча каражаттар бюджетте каралган эмес. Атүгүл бул каражаттар мугалимдердин маянасын, б.а. корголгон беренени да толугу менен жаба албайт деген ыктымалдуулук өтө жогору.

Мындай божомол жасоого бизди эмне түртүп жатат? Баары жөнөкөй. Бюджеттик каржылоонун стандарттарын (БКС) республикалык бюджет тарабынан толук эмес каржылоо өкмөттүн токтомунда аныкталган. Биринчиден, ордун толтуруу коэффициенти аркылуу толук каржылоо жокко эсе. Ал болсо БКС боюнча керектөөнү мамлекеттик бюджет (б.а. республикалык жана жергиликтүү) жаба ала турган каражаттын көлөмүн аныктайт. Экинчиден, категориалдык гранттын жаңыланган формуласы аркылуу толук каржылоо жокко эсе. Мында жергиликтүү бюджет тарабынан билим берүү системасынын чыгашаларын тең каржылоонун үлүшү норматив менен бекитилген. Ошентип мамлекет БКС аткаруу республикалык бюджеттин ка-

ражатынын эсебинен гана эмес, бирок ошону менен жергиликтүү бюджеттин, кошумча акылуу кызматтардын жана ата-энелердин акчасынын эсебинен ишке ашырыла турганын алдын ала эскертип жатат.

Каржы министрлиги республикалык бюджет тууралуу жылдык мыйзамында, же башка ченемдик-укуктук актарда бюджеттик каржылоо стандарттарынын ордун толуктоо коэффициентин көрсөтүп туруш керек. Башкача айтканда мамлекет айталы, ушул жылга БКС болгону 75% кошо каржылоо милдеттемесин алаарын, калганын мектептер өздөрү табышы керектигин ачык мойнуна алыш керек. Кимдин эсебинен? Кошумча акылуу кызматтардын жана ата-энелердин төлөмдөрүнүн эсебиненби? Же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эсебиненби?

Бүгүнкү күндө “2012-жылга республикалык бюджет жөнүндө” мыйзам кабыл алынды, а бирок мамлекеттин милдеттемелери тууралуу маалыматтар дале жок. Бул эмнеден кабар берет? Бул азыр БКС боюнча канча алышы керектигин билген каалаган мектептин директору зарыл болгон сумманы берүү талабы менен айыл өкмөтүнө же мэрияга кайрыла алат дегенди билдирет. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчылары талапты четке кага албайт, болбосо санкцияларга тушугуп калышы ыктымал. Бул жергиликтүү бюджетке кандай таасирин тийгизет? Бул маселени Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Краснореченск айылдык аймагынын мисалында карап көрөлү. Бул аймактагы мектептердин БКС керектөөсү төмөнкүнү түзөт: 13774 (БКС) x 1082 (окуучулардын саны) = 14903468 сом же болжол менен 15 миллион сом. Каржы министрлиги Краснореченск айылдык аймагы үчүн категориалдык грант боюнча көрсөткүчтү 8,6 миллион сом көлөмүндө орнотту, мында маяна үчүн керектөө гана 10,9 миллион сомду түзөт. Демек жергиликтүү бюджеттен корголгон беренелер (айлык акы) боюнча кошо каржылоонун үлүшү 10,9 – 8,6 = 2,3 миллион сомду, ал эми корголбогон беренелер боюнча – 15-10,9 = 4,1 миллион сомду түзөт экен. Ошону менен жалпысынан жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоонун үлүшү 2,3+4,1 = 6,4 миллион сомду түздү. Жергиликтүү бюджеттин грантсыз өз кирешеси болсо 8,3 миллион сомду түзөт.

**Ошентип жергиликтүү жамааттын өз кирешесинин 77% мектептердин бюджеттик каржылоо стандарттарын каржылоого жумшалат.** Эгерде айыл өкмөтүндөгү кызматкерлердин айлык акы фонду болжол менен 1,5 миллион сомду түзөөрүн, андан тышкары ошол эле мектептин коммуналдык чыгашаларын бар болгонун эсепке алсак, анда айылдык аймакты өнүктүрүүгө каражат артпай жатпайбы! Бул болсо жергиликтүү жолдор, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, суу менен камсыздоо өңдүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка дагы 22 өз функциясы каржыланбай калат дегенди түшүндүрөт. Бул функцияларды каржылоонун ордуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары каражаттын баарын мамлекеттин функциясына кирген билим берүүнү камсыздоого сарптаганга мажбур болот.

### “Алкактын тышында” каяша

Мамлекет мектептин чыгашасынын канча үлүшүн республикалык бюджеттен жабууга милдеттеме алганын эл алдында айтканы педагогдорго жана ата-энелерге канчалык зарыл? Конституцияга жана түрдүү эл аралык актарга ылайык, КР өкмөтү бекер орто билим берүү менен каржылоону камсыздоого милдеттеме алган жана өз милдеттемесин аткарыш керек. Өкмөттүн каражаттын жетишсиздиги тууралуу тынымсыз даттана бергени аны актап жибербейт. Маселе каражаттын жетишсиздигинде эмес – ал дайыма эле жетишсиз. Маселе ошол каражат кантип сарпталып жатканында. Маселе мамлекеттик каражаттын натыйжалуу жана айкын бөлүштүрүлүшүндө. Эмне үчүн Жогорку Кеңешти жана өкмөттү кармоого каражат дайыма жетет? Жогорку аткаминерлер жана депутаттар машине менен гана жүрүшү керек деп ким чечти? Жарандар мамлекеттик чыгашаларды эсептегенди үйрөнүш керек жана мамлекеттен өз милдеттемелерин, анын ичинде орто билим берүүгө карата милдеттемелерин аткарышын талап кылыш керек. Ошондо гана өкмөт билим берүүнү каржылоого карата өз мамилесин кайра карап чыгууга мажбур болот.

Краснореченск айылдык аймактын мисалы – бул Кыргызстандын аймагындагы жергиликтүү бюджеттер эмне болуп жатканынан кабар берген бир гана мисал. **Эгерде кырдаал өзгөрбөсө, Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы реформа жана каржылык жактан борбордон алыстатуу тууралуу бардык сөздөрдү токтотуп гана коюш керек.**

## Категориалдык гранттарды эсептөө формуласынын кош кабаттуу түбү

Эмоцияларсыз эле категориалдык гранттын жаңыланган формуласынын анализин жасап көрөлү. Анткени ошонун айынан учурдагы кырдаал түзүлдү. Формуланын негизги жоболору төмөнкүдө камтылган.

Корголгон жана корголбогон беренелер боюнча жергиликтүү бюджеттердин үлүшүн эсепке алуу менен категориалдык гранттардын өлчөмүн эсетпөөнүн жаңы формуласы киргизилет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өзүнүн киреше потенциалынын чоңдугунан да, ошондой эле жергиликтүү бюджеттердин тиешелүү топтору боюнча анын орточо чоңдугунан да категориалдык гранттын көлөмүнүн көз карандуулугу орнотулат.

Категориалдык гранттардын көлөмүн эсептөөдө жергиликтүү бюджеттердин корголгон да, корголбогон да каражаттарынын катышуу үлүшүнүн түшүнүгүн бөлүү жана бекитүү каралган.

Өз кирешесинен билим берүү уюмдарынын чыгашаларын кошо каржылоо үлүшү ар бир регион үчүн анын киреше потенциалынын адам башына көлөмүнө

карата пропорциялаш болот. Ал болсо Кирешелердин Репрезентативдик Системасы боюнча бааланат жана орто мөөнөттүү аралыкка белгиленет.

КР Каржы министрлиги категориалдык гранттардын көлөмүн эсептөөнүн жаңыртылган методикасы жана формуласы КР өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-мартында №91 токтому менен бекитилген мурдагы методиканын жана формуланын жакшыртылган варианты болгонун билдирди. Формуланы жакшыртуу төмөнкү позицияларга тиешелүү:

- категориалдык гранттардын көлөмүн эсептөөнүн формуласында жалпы билим берүү системасын каржылоодо жергиликтүү бюджеттин үлүшүн эсептөөнүн механизми деталдуу түрдө берилген;
- категориалдык гранттардын көлөмүн эсептөө конкреттүү муниципалитеттин киреше потенциалынын көлөмүнөн да, ошону менен бирге белгилүү бир орто мөөнөттүү аралыкка бекитилген жергиликтүү бюджеттердин тиешелүү топторунун ушул көрсөткүчүнүн көлөмүнөн да функционалдык жактан көз каранды. Башкача айтканда жергиликтүү бюджеттердин билим берүүнү каржылоого катышуу үлүшүн эсептөө жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн абалынан көз каранды болуп дифференцияланган.

Категориалдык гранттын көлөмүн эсептөөнүн формуласын андан ары анализдөө үчүн айрым болжолдорду жасоо зарыл. Анткени анализ кандайдыр бир абсолюттук санды алуу максатын көздөбөйт. Конкреттүү айылдык аймакта категориалдык гранттын күтүлгөн көлөмүнө түрдүү көрсөткүчтөрдүн функционалдык таасирин изилдөө маанилүү.

Жергиликтүү бюджеттерге категориалдык гранттардын көлөмү формула боюнча эсептелет:

$$\mathbf{КГi = (1 - d_i^{КБ}) \times (П_i^{КБ} + ФОТ_i^{пр} + Пит_i^{пр}) + (1 - d^{КББ}) \times (П_i^{КББ} xр + КУ_i + КББ_i^{пр}),}$$

бул жерде:

$КГ_i$ - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын билим берүүгө категориалдык грантынын суммасы;

$П_i^{КБ}$ - алдыдагы жылга карата жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жалпы билим берүү уюмдарындагы чыгашалардагы корголгон беренелерге БКС боюнча каражаттарга талап;

$П_i^{КББ}$ - алдыдагы жылга карата ЖӨБ органынын жалпы билим берүү уюмдарындагы чыгашалардагы корголбогон беренелерге БКС боюнча каражаттарга талап;

$ФОТ_i^{пр}$ – ЖӨБ органынын башка билим берүү уюмунун эмгегин төлөө фонду i;

$Пит_i^{пр}$ - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башка билим берүү уюмунун тамактануусу i;

р - формула боюнча эсептелген, алдыдагы жылга карата БКС боюнча чыгашалардын корголбогон беренелерине каражаттарды жабуу нормативи;

$di^{КБ}$ - формула боюнча эсептелген, жергиликтүү бюджеттердин өз кирешелеринен билим берүү уюмдарына чыгашалардын корголгон беренелерин кошо каржылоонун үлүшү;

$d^{КББ}$ - формула боюнча эсептелген, жергиликтүү бюджеттердин өз кирешелеринен билим берүү уюмдарына чыгашалардын корголбогон беренелерин кошо каржылоонун үлүшү;

КК - ЖӨБО же өткөн жылдар боюнча базалык аралыкта жалпы билим берүү уюмдарынын коммуналдык кызматтар боюнча иш жүзүндөгү чыгашалары, категориалдык гранттарды пландоо мезгилинде колдо болгон акыркы маалыматтар;

КББ - ЖӨБнын билим берүүнүн башка уюмдарынын корголбогон беренелери.

Формуланы жөнөкөйлөштүрүү үчүн, функционалдык көз карандуулукту аныктоо максатында динамикалык өзгөрүүлөргө дуушар болбогон көлөмдөрдү “0” дейбиз: $ФОТ_i^{пр}$,$Пит_i^{пр}$, КББ. Формула төмөнкү түрдө болот:

$$\mathbf{КГ_i = (1 - d_i^{КБ}) \times П_i^{КБ} + (1 - d^{КББ}) \times (П_i^{КББ} xр + КУ_i),} \quad (2)$$

$П_i^{КБ}$ жана $П_i^{КББ}$ көрсөткүчтөрү статистикалык болгондуктан жана БКС шкаласына ылайык эсептелгендиктен, категориалдык гранттардын көлөмүнүн өзгөрүү динамикасы жергиликтүү бюджеттерден кошо каржылоо үлүшүнөн, БКС боюнча чыгашалардын корголбогон беренелерине каражаттарды жабуунун нормативинен жана билим берүү мекемелери үчүн коммуналдык кызматтар боюнча иш жүзүндөгү чыгашалардан түздөн түз көз каранды.

Жөнөкөйлөштүрүлгөн формула стандарттык сызык функциялардай болот. Мында өзгөрмө көлөмдүн пропорциалык көбөйүүсү категориалдык гранттардын көлөмүнүн пропорциалык азайуусуна алып келет. Графикада категориалдык гранттардын көлөмүнүн өзгөрмөдөн көз карандуулугунун болжолдуу түрү көрсөтүлгөн. Эңкейиштин бурчу кыйшык жана ушундан улам берилип жаткан категориалдык гранттардын көлөмүнүн азайуу динамикасы жергиликтүү бюджеттер тарабынан кошо каржылоонун үлүшүнүн көбөйүү темпинен көз каранды болот. **Жөнөкөй тил менен айтканда айыл өкмөтү канчалык көп киреше топтосо, ошончолук аз категориалдык грант алат** (1-сүрөт).





**Рисунок 1. Зависимость объема категориального гранта от доли местного бюджета в софинансировании**

Краснореченск айылдык аймагынын реалдуу мисалына кайтып келели. Киреше потенциалынын окуучулардын санына карата мамилеси – 8,3 миллион 1082 окуучуга = бир окуучуга 830 сом, башкача айтканда бир окуучуга 957 сом деген республика боюнча мааниси жагынан алып караганда орточодон төмөн. Анализ көрсөткөндөй, мындай көрсөткүч менен Краснореченск айылдык аймагынын БКС каржылоого үлүшү болбошу керек!!! Бирок ага өз кирешесинен 77% (!!!) деген үлүш коюлган (бул тууралуу кененирээк "Формуланын жука материясы: ЖӨБ киреше потенциалы категориалдык гранттардын көлөмүнө кантип таасирин тийгизет" деген макалада окуй аласыз).

Бул Каржы министрлигинин бир жолку катасы деп өтө катуу ишенгибиз келет. Бирок бардык республика боюнча түшүп жаткан белгилер мындай ыкма массалык мүнөзгө ээ болгонун тастыктап, Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча бардык реформаларга бут тосуу коркунучу жаралды.

## Методиканы жана формуланы колдонуудан кандай терс кесепеттерди күтсө болот?

Балким башкы көйгөйдүн жаралышы – формуланын курамына кошуу жана ушундан улам категориалдык гранттардын көлөмүн эсептөөдө корголгон беренелерди каржылоодо жергиликтүү бюджеттен каражаттын үлүшүн мыйзамдаштыруу. Башкача айтканда мамлекет маянаны төлөө боюнча өз милдеттемелерин жергиликтүү бюджеттин мойнуна, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун абийирине жүктөп тим болот. Мында баса белгилеп койчу жагдай – бул милдеттемелер мамлекеттики. "Жоопкерчиликти кайра бөлүштүрүүнүн" мындай кесепеттерин эки жагынан алып кароо зарыл.

## Укуктук кесепеттер

Укуктук көз караштан алып караганда методиканын авторлору "Мугалимдин макамы жөнүндө" мыйзамдын 7-беренесине кайрылат. Анда төмөнкү каралган: "Мамлекет жыл бою мугалимдерге жана мектептин жетекчилерине маянаны республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден толук өлчөмдө өз убагында төлөп берүүнү камсыздайт". Белгилей кетүү зарыл, 2010-жылга чейин бул берене мугалимдердин жана мектеп жетекчилеринин маянасын каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынан гана ишке ашырыларын белгилеп келген. ""Мугалимдин статусу жөнүндө" КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2010-жылдын 26-мартындагы №56 КРнын мыйзамы менен "Мугалимдин статусу тууралуу" КР мыйзамындагы көрсөтүлгөн беренеге өзгөртүүлөр киргизилген. Ага ылайык, мугалимдердин айлык акысын төлөөдө жергиликтүү бюджеттердин каражатынын катышуусу аныкталган. Мында "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдын көрсөтүлгөн беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн кандайдыр бир ишендирерлик жүйөлөр келтирилген эмес.

Мыйзамдын анализи көрсөткөндөй, бир нече мыйзам акттары билим берүү системасынын каржылоо булактарын, анын ичинде жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын катышуусу боюнча да аныктайт.

"Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдын "Материалдык камсыздоого укук" аттуу 7-беренесинде төмөнкүдөй айтылган: "Мугалимдин маянасынын өлчөмү "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте орнотулат. Мугалимдин айлык акысы каржы жылына (12 ай) эсептелинген. Жергиликтүү башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен ар бир категориянын алкагында мугалимдердин маянасына үстөк орнотсо болот". 8-берене, "Социалдык камсыздоого укук": "Мамлекет мугалимди тиешелүү эмгек, тиричилик шарттары жана репродуктивдик функция менен байланыштуу социалдык жеңилдиктер менен камсыздайт. Жергиликтүү башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсебинен мугалимдерге турак жай аянтын кармоого жана коммуналдык кызматтарга кеткен чыгашаларды төлөөдө жеңилдиктерди жана жеке турак жай курулушу үчүн үстөк пайызсыз ссудаларды берүүгө милдеттүү".

"Билим берүү жөнүндө" мыйзамдагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы" 36-беренесинде төмөнкүдөй деп жазылган: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын билим берүү чөйрөсүндөгү компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- билим берүү уюмдарынын түйүнүн өнүктүрүү жана жарандарды билим алуу укугу менен камсыздоо;
- чарбалык тейлөөнү ишке ашыруу жана ведомство алдындагы билим берүү уюмдарын каржылоо;
- жашы жете элек жетимдерге жана ата-эненин кароосу жок калган балдарга камкордук көрүү, алардын укуктарын коргоо, балдар үйүнө, мектеп-интернаттарга, тарбиялоочу же асырап алуучу үй-бүлөлөргө жайгаштыруу;
- элеттик мектептин окуучуларын – аз камсыздалган үй-бүлөлөрдөн чыккан балдарды окуу китептери менен камсыздоо; жаштардын профессионалдык даярдыгына карата маселелерди координациялоо.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бекитилген тартипте жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсебинен тиешелүү педагогикалык (илимий-педагогикалык) кадрлар, материалдык-техникалык база менен камсыздап, билим берүү уюмдарын түзө алат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары элеттик мектептерге Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунан жер үлүшүн милдеттүү тартипте бөлүп берет. 43-берене билим берүүнү каржылоонун төмөнкү булактарын орнотот:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер – мамлекеттик билим берүү уюмдары үчүн;
- уюштуруучу катары чыгып жаткан физикалык жана юридикалык жактардын, чет

өлкөлүк мамлекеттердин жана жарандардын каражаттары;

- билим берүү уюмдарынын өз каражаттары, анын ичинде валюталык, консультативдиктен тарта илимий-изилдөөчүлүк, басма, өндүрүш жана киреше алып келген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ишмердүүлүктүн башка түрлөрү. Ошондой эле негизги жана кошумча билим берүү программаларынын бардык түрлөрү боюнча бюджеттен тышкаркы билим берүү ишмердүүлүгү, анын ичинде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын чегинде;
- депозиттик акча салуудан түшкөн кирешелер;
- физикалык жана юридикалык жактардын өз ыктыяры менен берген каражаттары, башка физикалык жана юридикалык, анын ичинде чет элдик жактардын ыктыярдуу салымдары жана максаттуу төлөмдөрү.

Бирок жогоруда айтылган Мыйзамдардын биринде да мугалимдердин маянасын кошо каржылоо жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсебинен болуш керектиги түздөн түз көрсөтүлгөн эмес. Атүгүл "КР бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" мыйзамдын 37-беренесинде ЖӨБ органдарынын жергиликтүү бюджеттердеги каражаттар багыттала турган чыгаша милдеттемелеринин бөтөнчө тизмеси көрсөтүлгөн:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен орнотулган жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүсүнө;
- муниципалдык ишканаларды, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, социалдык камсыздандыруу, дене тарбия мекемелерин, сыналгы, үналгы берүүлөрүн, басмакананы, турак жай-коммуналдык, айыл чарба, суу, токой чарбалыгын, балык улоону жана аңчылыкты кармоого.

Ушул берененин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, билим берүү маселелери жергиликтүү маанидеги иштердин тизмесине кирбейт. 4-бөлүктүн 2-пунктунда "курамы" деген сөз маянаны каржылоо дегенди түшүндүрбөйт, бирок ЖӨБ органдарын муниципалдык менчиктеги объект катары мектептин имаратынын техникалык абалын кармап турууга милдеттендирет.

Белгилей кетчү жагдай, 2011-жылдын 22-июлунда күчүнө кирген "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамында билим берүү чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү боюнча функция жергиликтүү маанидеги маселеге кирбейт (18-берене), ал эми бул чөйрөдө кызмат көрсөтүү үчүн имараттар жана башка объекттер менен камсыздоо өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга кирет. Алар болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилиши мүмкүн (20-берене).

Мында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" КР мыйзамы хронологиясы боюнча 2011-жылдын 15-июнунда, башкача айтканда жогоруда көрсөтүлгөн бардык мыйзам акттары күчүнө киргенден бир топтон кийин гана кабыл алынганын белгилей кетүү зарыл. Бул мыйзамдын 65-беренесинин 5-пунктуна ылайык, өкмөткө ушул мыйзамды ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды кабыл алуу, анын ичинде учурдагы мыйзам актарын ушул мыйзамга шайкеш келтирүү боюнча Жогорку Кеңешке тиешелүү сунуш киргизүү тапшырылган. "КР ченемдик укуктук акттары жөнүндө" КР мыйзамынын 10-беренесине ылайык, ченемдик укуктук акт (структуралык элемент) буга чейин кабыл алынган ченемдик укуктук акттагы (структуралык элемент) жоболор карама-каршы келгенде, же ченемдик укуктук актты (структуралык элемент) жутуп алган жаңы ченемдик акт кабыл алынган учурда өз аракетин токтотот.

Мындан тышкары "Мугалимдин статусу жөнүндө" КР мыйзамынын 7-беренеси да КР Конституциясына карама каршы келет. Анда төмөнкүлөр айтылган:

- мамлекеттик бийлик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын функциялары жана ыйгарым укуктары так ажырымдалыш керек (3-берене);
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы – бул жергиликтүү жамааттардын өз кызыкчылыгында жана өз жоопкерчилиги алдында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө Конституция тарабынан кепилденген укугу жана реалдуу мүмкүнчүлүгү (110-берене);
- мамлекеттик органдар ЖӨБ органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигише албайт. ЖӨБ органдарына айырм бир мамлекеттик ыйгарым укуктар аларды ишке ашыруу үчүн материалдык, каржылык жана башка каражаттар менен кошо өткөрүлүп бериле алат (113-берене).

Ошентип "Мугалимдин статусу жөнүндө" КР мыйзамынын 7-беренесине берилген шилтеме менен, категориалдык гранттардын өлчөмүн аныктоонун методикасына жана формуласына корголгон беренелер боюнча жергиликтүү бюджеттердин үлүшү түшүнүгүн киргизүү бери дегенде үч мыйзамга жана Конституцияга карама каршы келет: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 18-беренесине, "КРда бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" КР мыйзамынын 37-беренесине жана КР Конституциясынын 8-бөлүгүнүн 3-беренесине.

## Саясий жана каржылык кесепеттери

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, категориалдык гранттардын өлчөмүн эсептөөнүн формуласынын анализи аркылуу билим берүү системасынын корголгон беренелерин каржылоодо жергиликтүү бюджеттердеги каражаттардын ролун карап көрүү маанилүү болот. Анализ көрсөткөндөй, мугалимдердин маянасын кошо каржылоо тууралуу талап төмөнкү киреше потенциалына ээ болгон, б.а. дотациялык жергиликтүү бюджеттерге таасир этпейт. Бирок сокку бакубат жана өз аракеттери менен өзүнүн ички көйгөйлөрүн чечип келген айылдык аймактарга урулмакчы. Жаңы методиканы ишке киргизүү менен Кыргызстандын

бардык муниципалитеттери 2007-жылга чейинки абалына кайтып келет. Финансы каражаттары айыл өкмөтүнүн аппаратынын жана билим берүүнүн маянасына гана жетип турат. Бул болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамда көрсөтүлгөн өз функцияларын аткара албай, жергиликтүү жамаатка кызмат көрсөтө албай, тиешелүү аймакта турмушту камсыздоого байланышкан күнүмдүк маселелерди чече албай калышына алып келет. Өз кезегинде бул нерселер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине наразычылыкты жаратып, жеринде социалдык чыңалууга себепчи болуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролун бурмалап түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Натыйжада бул нерселер Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кыйрашына жана кайрадан туруксуздукка жеткирет.

Бир гана жолу бар: Чукул арада БКС каржылоо боюнча ыкма, өзгөчө алардын жергиликтүү бюджеттеги каражаттардагы катышуу бөлүгүн өзгөртүү тууралуу маселесин Жогорку Кеңештин жана өкмөттүн алдында көтөрүп чыгуу.

# Формуланын жука материясы: ЖӨБ киреше потенциалы категориалдык гранттардын өлчөмүнө кантип таасирин тийгизет

**Асылбек Чекиров**

Өткөн темадан категориалдык грантты эсептөө формуласын эске салалы:

$$\mathbf{КГ_i = (1 - d_i^{\,КБ}) \times (П_i^{\,КБ} + ФОТ_i^{\,ПР} + Пит_i^{\,ПР}) + (1 - d^{\,КББ}) \times (П_i^{\,КББ}хр + КУ_i + КББ_i^{\,ПР}),}$$

жана, ошондой эле, кээ бир өзгөрүүлөрдөн кийинки анын жазылышы:

$$\mathbf{КГ_i = (1 - d_i^{\,КБ}) \times П_i^{\,КБ} + (1 - d^{\,КББ}) \times (П_i^{\,КББ}хр + КУ_i),}$$

Келтирилген ой пикирлердин жыйынтыгы боюнча, категориалдык гранттардын жаңыртылган формуласынын өзөктүү элементи болуп жергиликтүү бюджеттердин корголгон жана корголбогон беренелери боюнча үлүшү жана ушундан улам аны эсептөөнүн механизми болуп калат:

$$d_i^{ЗС} = \frac{ДП_i \div ЧУ_i}{ДП \div ЧУ} \times d^{ЗС} - \frac{d^{ЗС}}{d^{НЗС}}$$ бул жерде:

$d_i^{КБ}$ - жергиликтүү бюджеттердеги өз кирешелеринен билим берүү уюмдарына кеткен чыгашалардын корголгон беренелерин кошо каржылоонун үлүшү;

$КП_i$ - кирешелердин репрезентативдик системасы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун киреше потенциалы;

$ОС_i$ - ЖӨБда окуунун бардык тепкичтерине киргизилген окуучулардын жалпы саны i;

КП - бул топко кирген бардык жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин репрезентативдик системасы боюнча жалпыланган киреше потенциалы;

ОС - жалпы билим берүү уюмдарындагы жергиликтүү бюджеттер боюнча жалпы топтогу окуучулардын саны;

$d^{КБ}$ - жергиликтүү бюджеттердин өз кирешесинен билим берүү уюмуна кеткен чыгашалардын корголгон беренелерин кошо каржылоонун жергиликтүү бюджеттердин тобу боюнча орточо үлүшү;

$d^{КББ}$ - жергиликтүү бюджеттердин өз кирешесинен билим берүү уюмуна кеткен чыгашалардын корголбогон беренелерин кошо каржылоонун жергиликтүү бюджеттердин тобу боюнча орточо үлүшү.

Жергиликтүү бюджеттин өз кирешесинен билим берүү уюмуна кеткен чыгашалардын корголбогон беренелерин кошо каржылоонун үлүшү төмөнкүчө аныкталат:

$$d_i^{НЗС} = \frac{ДП_i \div ЧУ_i}{ДП \div ЧУ} \times d^{НЗС}$$ ,бул жерде:

$d_i^{КББ}$ - жергиликтүү бюджеттин өз кирешесинен билим берүү уюмуна кеткен чыгашалардын корголбогон беренелерин кошо каржылоонун үлүшү;

$КП_i$ - кирешелердин репрезентативдик системасы боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше потенциалы i;

$ОС_i$ - ЖӨБда окуунун бардык тепкичтерине киргизилген окуучулардын жалпы саны i;

КП - бул топко кирген бардык жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин репрезентативдик системасы боюнча жалпыланган киреше потенциалы;

ОС - жалпы билим берүү уюмдарындагы жергиликтүү бюджеттер боюнча жалпы топтогу окуучулардын саны;

$d^{КББ}$ - жергиликтүү бюджеттердин өз кирешесинен билим берүү уюмуна кеткен чыгашалардын корголбогон беренелерин кошо каржылоонун жергиликтүү бюджеттердин тобу боюнча орточо үлүшү.

Жогоруда келтирилген эки формула тең корголгон жана корголбогон беренелер боюнча кошо каржылоонун үлүшүн аныктоо боюнча эсептер бир окуучуга (конкреттүү бир аймак боюнча да, ошондой эле жалпысынан жергиликтүү бюджеттердин тобу боюнча да) эсептөөдөгү киреше потенциалынын өлчөмүнө түздөн түз көз каранды болгонун көрсөтүүдө. Ошол эле кезде мында киреше потенциалынын өзгөрүлмөсү жана кошо каржылоонун үлүшүнүн мааниси ортосунда түз сызык көз карандуулук байкалат.

**1-таблица. КП/ОС = 957 сом жана $d^{з}$ = 0,1 – 0,2 катышы менен жергиликтүү бюджеттердин тобунун айылдык аймактын корголгон беренелери боюнча кошо каржылоонун үлүшү**

| Корголгон беренелерди кошо каржылоонун үлүшү | Белгилүү бир ЖӨБда КПнын ОСна болгон мамилеси | ЖӨБ ушул топтогу КПнын ОСна мамилеси | $d^{К}$ | $d^{К}/d^{КББ}$ |
|---|---|---|---|---|
| -0,3 | 400 | 957 | 0 | 0,3 |
| -0,3 | 500 | 957 | 0 | 0,3 |
| -0,3 | 600 | 957 | 0 | 0,3 |
| -0,3 | 700 | 957 | 0 | 0,3 |
| -0,3 | 800 | 957 | 0 | 0,3 |
| -0,3 | 900 | 957 | 0 | 0,3 |
| -0,195506792 | 1000 | 957 | 0,1 | 0,3 |
| -0,185057471 | 1100 | 957 | 0,1 | 0,3 |
| -0,17460815 | 1200 | 957 | 0,1 | 0,3 |
| -0,16415883 | 1300 | 957 | 0,1 | 0,3 |



**Рисунок 1. Зависимость долей местного бюджета в категориальном гранте от доходного потенциала по защищенным статьям (зарплата) для дотационных МСУ**

Киреше потенциалынын (КП) чоңдугуна жана окуучулардын санына (ОС) жараша жергиликтүү бюджеттердин үлүшүнүн эсебинен түзөлү. Эсепти (1) КПі/ОСіазыраак КП/ОС жана (2) КПі/ОСікөбүрөөк КП/ОС дегенге тиешеси бар айылдык аймактар үчүн жүргүзөбүз.

КП чоңдугун 2011-жылга карата 957 миллион сомго тең болгон айылдык муниципалитеттердин тобу боюнча бардык кирешелердин жалпы суммасы катары аныктайбыз. 2011-жылга карата жалпы билим берүү мектептеринде окуучулардын саны 1 млн. 17 миң адамды түзөт. Ошондо КПнын ОСна катышы бир окуучуга 957 сомду түзөт.

Төмөн киреше потенциалына ээ болгон айылдык аймактар үчүн корголгон беренелерди каржылоо боюнча жергиликтүү бюджеттердин үлүшүн эсептейли $КП_i/ОС_i$азыраак КП/ОС, $d^{КБ}$ = 0,1;$d^{КББ}$ = 0,3. Формуланын жардамы менен конкреттүү айылдык аймак боюнча кошо каржылоонун тиешелүү үлүшү боюнча таблица түзсө болот.

**2-таблица. КП/ОС = 957 сом жана $d^{з}$ = 0,3 катышы менен жергиликтүү бюджеттердин тобунун айылдык аймактын корголгон беренелери боюнча кошо каржылоонун үлүшү**

| Корголгон беренелерди кошо каржылоонун үлүшү | Белгилүү бир ЖӨБда КПнын ОСна болгон мамилеси | ЖӨБ ушул топтогу КПнын ОСна мамилеси | $d^{К}$ | $d^{К}/d^{КББ}$ |
|---|---|---|---|---|
| -0,11 | 900 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| -0,09 | 1000 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| -0,07 | 1100 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| -0,05 | 1200 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| -0,03 | 1300 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| -0,01 | 1400 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| 0,01 | 1500 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| 0,03 | 1600 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| 0,06 | 1700 | 957 | 0,2 | 0,3 |
| 0,08 | 1800 | 957 | 0,2 | 0,3 |




**Рисунок 2. Зависимость долей местного бюджета в категориальном гранте от доходного потенциала по защищенным статьям (зарплата) для самодостаточных МСУ**

**3-таблица. КП/ОС = 861сом жана $d^{нз}$ = 0,3 катышы менен жергиликтүү бюджеттердин тобунун айылдык аймактын корголгон беренелери боюнча кошо каржылоонун үлүшү**


| Корголгон беренелерди кошо каржылоонун үлүшү | Белгилүү бир ЖӨБда КПнын ОСна болгон мамилеси | ЖӨБ ушул топтогу КПнын ОСна мамилеси | $d^{К}$ | $d^{К}/d^{КББ}$ |
|---|---|---|---|---|
| 0,313479624 | 1000 | 957 | 0,3 | |
| 0,344827586 | 1100 | 957 | 0,3 | |
| 0,376175549 | 1200 | 957 | 0,3 | |
| 0,407523511 | 1300 | 957 | 0,3 | |
| 0,438871473 | 1400 | 957 | 0,3 | |
| 0,470219436 | 1500 | 957 | 0,3 | |
| 0,501567398 | 1600 | 957 | 0,3 | |
| 0,532915361 | 1700 | 957 | 0,3 | |
| 0,564263323 | 1800 | 957 | 0,3 | |
| 0,595611285 | 1900 | 957 | 0,3 | |

**Рисунок 3. Зависимость долей местного бюджета в категориальном гранте от доходного потенциала по незащищенным статьям**




Чындыкка жакыныраак мисалдардагы кошо каржылоонун үлүшүн аныктоо боюнча формуланын анализи көрсөткөндөй, төмөн деңгээлдеги киреше потенциалына ээ болгон АА үчүн корголгон беренелер боюнча кошо каржылоонун үлүшү терс болуп эсептелет жана учурдагы катышы КПi/ОСi топ боюнча ортодон олуттуу түрдө ашса да нөлгө жакын болуп турат. Бул болсо дээрлик бардык дотациялык жана бакубат АА айрым бөлүктөрүндө корголгон беренелер боюнча кошо каржылоонун үлүшү нөлгө барабар болгонун көрсөтүп турат. Эсептөөдө олуттуу ролду формулада терс белгиси бар dз/dнз коэффициенти ойнойт. Бул коэффициент “жакыр” айылдык аймактарды ансыз да аз көлөмдөгү өз кирешелерин мугалимдердин маянасын төлөөгө жумшоодон “коргойт”. (1-таблица). Мисалы, корголбогон берене боюнча үлүштү эсептөөдө бул коэффициент болбосо, жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоонун үлүшү бир заматта оң мааниге ээ боло түшөт (3-таблица).

Ушундай эле кырдаалды КП/ОС = 957 сом, d КБ = 



0,2 катышы менен жергиликтүү бюджеттердин тобуна кирген потенциалдуу бакубат айылдык аймактар үчүн да түзүп көрөлү. (2-табл. караңыз). 2-таблицадагы маалыматтар көрсөтүп тургандай, жогорку деңгээлдеги киреше потенциалына ээ болгон айылдык аймактардын тобунда корголгон беренелер боюнча кошо каржылоонун үлүшү белгилүү бир баскычта оң мааниге ээ болот. Ошол эле учурда бул жерде учурдагынын киреше потенциалынын орточолонгон маанисине карата өсүү динамикасынын катышы корголгон беренелер боюнча кошо каржылоонун үлүшүнүн көбөйүү динамикасынан бир кыйла ашып түшөөрүн белгилей кетүү зарыл. КПi/ОСi катышынын КП/ОС карата 10% көбөйгөнү кошо каржылоонун үлүшүн 2-3% гана арттырат.

Буга чейинки мисалда айтылгандай эле, корголбогон беренелер боюнча кошо каржылоонун үлүшү орточолонгонго карата киреше потенциалынын маанисинин катышынын дээрлик түз пропорциалуу көбөйөт.

Дагы да тагыраак маалымат болгондо жергиликтүү бюджеттердин тиешелүү топтордун киреше потенциалынын маанисинин кайсы деңгээлинен тарта жергиликтүү бюджеттин корголгон беренелерге болгон үлүшүн алуу башталаарын аныктаса болот. Алгачкы орой божомол менен катышуу үлүшү жергиликтүү бюджеттердин тиешелүү тобу боюнча орточолонгонго карата өз киреше потенциалынын 1,5 эсе өскөнүнөн башталат.

Албетте жогоруда келтирилген маалыматтардын анализи орточолонгон мүнөзгө ээ. Анткени категориалдык гранттарды эсептөөдө белгилүү бир көрсөткүчтөрдүн таасирин дагы да тагыраак анализдөөгө жардам бере турган сандык маанилер жокко эсе. Ошентсе да анализдин мындай түрү категориалдык гранттарды эсептөөдө жергиликтүү деңгээлде түзүлгөн көрсөткүчтөргө таасиринин көлөмүн баалоо мүмкүнчүлүгүн берет.

# Аскердик-эсепке алуу жана паспорттук столдордун иши, башкы план жана жаш адистерге пособие тууралуу



## Муниципалдык укук боюнча адистер кеңеш беришет

Суроолорду муниципалитеттердин жашоочулары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлери беришүүдө.

Жоопторд ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун юристтери
**Асель Мамбетова жана Нурдин Кумушбеков** тарабынан даярдалды

## Башкы план тууралуу

### Жергиликтүү кеңештин депутатынын суроосу

**- Айылдык аймактын Башкы планын иштеп чыгуу жана алуу милдети толугу менен айыл өкмөтүнө жүктөлгөн. Мамлекеттик каттоо Башкы план үчүн эч жооптуу эмес. Бирок Башкы планды иштеп чыгуу үчүн каражатка ээ болбогон айылдык аймактар эмне кылат?**

- "КР шаар куруу жана архитектура жөнүндө" КР мыйзамынын 13-беренесинин 5-пунктуна ылайык, калк отурукташкан аймактардын башкы пландарынын долбоорлору КР мыйзамдары тарабынан орнотулган тартипте бекитилет. Калктуу пункттардын чегинин сыртында жайгашкан жерлер тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турат. КР Жер кодексинин 18-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык, райондук кеңеш жергиликтүү жамааттын пикирин эске алуу менен айылдык округдун, поселоктун кеңешинин макулдугу менен элеттик калктуу пункттардын жана поселоктордун курулушунун долбоорлорунун башкы пландарын бекитет. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 47-беренесинин 8-пунктуна ылайык, АӨ аймактагы курулуштун башкы планын иштеп чыгат жана ишке ашырат. 2010-жылдын 5-февралында КР өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укукту каттоо департаменти (МКК) тууралуу жобонун 1-пунктуна ылайык, Департамент ведомство алдындагы МККнын бөлүм алды деп эсептелет. Ал жер кадастрын, кадастр картографиясын, кыймылсыз мүлккө укукту каттоону жүргүзөт, кыймылсыз мүлккө катталган укуктардын мамлекеттик жактан корголушун камсыздайт жана анын функциясына Башкы планды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу кирбейт.

**Ушундан улам башкы планды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн милдети деп саналат жана бул максаттарга кеткен чыгашалар жергиликтүү бюджеттен каржыланат.**

## Жаш адистерге пособие тууралуу

### Жаш педагогдун суроосу

- Мектептин жаш адистерине 10 минималдык эмгек акы өлчөмүндө пособиени төлөп берүүгө ЖӨБ органдары милдеттендирилген. Бирок айыл өкмөтү акчанын жетишсиздигинен улам пособиени төлөй албайт. Эмне кылам?

- Чындыгында эле "Билим берүү жөнүндө" КР мыйзамынын 32-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, 2003-жылдын 30-апрелинен тарта ишке орношуу үчүн элеттик мектептерге келген жаш адистерге жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен 10 минималдык эмгек акы өлчөмүндө бир жолку пособие чарбалык керектөө үчүн берилет.

Жогорудагы мыйзам 2011-жылдын 5-июлунда "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамы кабыл алынганга чейин эле кабыл алынган. Анын 18-беренесинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына тиешелүү жергиликтүү маанидеги маселелер орнотулган. Билим берүүнү камсыздоо маселеси, анын ичинде эмгек акы жана мугалимдерге пособие төлөө аларга киргизилген эмес. Анын үстүнө "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 10-беренесинин

7-пунктуна ылайык, мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келген мектепке чейинки, мектеп жана профессионалдык билим берүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарына кирет.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 65-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын өкмөтү мыйзамды ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрүп, өз чечимдерин ага шайкеш келтириши керек болчу. Бирок бул иш жасалган эмес.

"Ченемдик укуктук акттар жөнүндө" КР мыйзамынын 10-беренесине ылайык, ченемдик укуктук акттын структуралык элементи – ал эми биздин учурда бул "Билим берүү жөнүндө" КР мыйзамынын 32-беренесинин 8-бөлүгү – өз аракетин буга чейин кабыл алынган ченемдик укуктук акттагы жоболор карама каршы келген жаңы ченемдик укуктук акт кабыл алган учурда токтотот.

**Ушундан улам элеттик мектепке ишке орношкону келген жаш адистерге бир жолку пособиени айыл өкмөтү эмес, мамлекеттик бийлик органдары бериш керек.**

## Аскердик-эсепке алуу столунун мөөрү тууралуу

### Суроону айыл өкмөтүнүн кызматкери узатты

**- "КР жарандарынын жалпы аскердик милдеттемелери жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" 2009-жылдын 9-февралындагы №43 КР мыйзамынын 14-беренесинин негизинде ЖӨБ органдарынын башчылары төмөнкүлөргө милдеттүү: аскер кызматкерлерин, аскерге милдеттүүлөрдү жана аскерге чакырыла тургандарды аскердик-эсептик документтеринде тиешелүү райондук аскер комиссариаттардын аскердик эсепке алганы тууралуу белгиси болгон учурда аларды жашаган жери боюнча каттоого тургузуу (каттоодон чыгаруу). Аскердик кызматка жана аскердик чогулууларга жарандарды чакырууга көмөктөшүү. Ушул эле мыйзамдын 15-беренесинин 4-пунктуна ылайык, ЖӨБ органдары жарандарды аскердик жана альтернативдик кызматтарга чакырууга көмөктөшөт. 32-беренеде жарандарды альтернативалык кызматка чакырууда ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги тууралуу эч нерсе айтылган эмес. Мен Ленин АА 2007-жылдан бери аскердик-эсепке алуу столунда инспектор болуп иштейм жана ушул убакытка чейин АӨ аскер кызматкерлерин эсепке алуу үчүн мөөрлөр жок. Муну менен аскер комиссариаты алектенет. Анда ЖӨБ органынын ролу эмнеде камтылган?**

- "КР жарандарынын жалпы аскердик милдеттемелери жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" 2009-жылдын 9-февралындагы КР мыйзамынын 12-беренесинин 2-пунктуна ылайык, аскерге чакырылууга милдеттүүлөрдү жана чакырылгандарды аскердик эсепке алардын райондук (шаардык) аскер комиссариаты алат, ал эми алар болбогон калк отурукташкан аймактарда эсепке жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алат. Ушул мыйзамдын 13-беренесинин 1-пунктуна ылайык, жарандарды аскердик эсепке алуу биринчи жолу райондук (шаардык) аскер комиссариаттары аркылуу мамлекеттик бийлик органдары, облустук жана райондук мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүргүзүлөт. ЖӨБ органдарынын аскердик эсеп боюнча милдеттемелери ушул мыйзамдын 14-беренесинде орнотулган. Ага ылайык, ЖӨБ органдарынын башчылары өз компетенциясынын чегинде төмөнкүлөрдү жасоого милдеттүү: аскердик эсепке алынганы (аскердик эсептен чыгарылганы) тууралуу аскердик-эсептик документтеринде тиешелүү райондук (шаардык) аскер комиссариаттарынын белгиси болгон учурда аскер кызматкерлерин, аскерге милдеттүүлөрдү жана чакырылгандарды жашаган жери боюнча каттоого тургузуу (каттоодон чыгаруу); райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына аскерге милдеттүүлөрдүн, чакырылгандардын жана чакырыла тургандардын сандык жана сапаттык курамы тууралуу маалымат берүү; аскердик кызматка жана аскердик чакырууларга жарандарды чакырууну уюштурууга, чакырыла тургандарды эсепке алууга көмөктөшүү; аскерге милдеттүүлөрдүн жана чакырылгандардын аскердик эсеп тууралуу Жобонун сакталышына көзөмөл жүргүзүү.

Ошентип ЖӨБО райаскеркомиссариаттар аркылуу алгачкы аскердик эсепке алуу менен алектениш керек, эсепке алынганы (чыгарылганы) тууралуу аскер комиссариатынын белгиси болгон учурда гана аскер кызматкерлерин каттоого тургузуу жана каттоодон чыгаруу.

Анткен менен Коргоо министрлигинин катында ""Айыл өкмөтүндө аскерге милдеттүүлөрдү жана чакырылгандарды эсепке алуу жөнүндө" Көрсөтмөнүн III бөлүмүнүн 18-пунктунун "г" пунктчасынын негизинде аскердик эсепке алынган аскерге милдеттүүлөрдүн аскер билеттеринде жана каттоо карточкаларында (үй китепчесинде) VII бөлүмдө айылдык округдун аскердик-эсепке алуу столунун инспектору аларды эсепке алуу жана эсептен чыгаруу тууралуу белги мөөрүн басат" деп айтылат.

Мындан тышкары ушул мыйзамдын 12-беренесинин 4-пунктуна ылайык, аскерге милдеттүүлөрдү жана аскерге чакырыла турган куракка жеткен жарандарды аскердик эсепке алуу, эсепке тургузуу жана андан чыгаруу Кыргыз Республикасынын өкмөтү бекиткен Аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскер кызматына чакырыла турган куракка жеткен жарандардын аскердик эсебин жүргүзүү жөнүндө Жобо менен аныкталат (Аскердик эсеп жөнүндө жобо).

## Альтернативалык кызмат өтөө

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттемелери "Кыргыз Республикасынын жа-

рандарынын жалпы аскердик милдеттери жөнүндө, аскердик жана альтернативалык кызматтар жөнүндө" КР мыйзамында көрсөтүлгөн. Анын ичинде төмөнкү милдеттер бар: райондук (шаардык) чакыруу комиссияларды жана жарандарды алгачкы аскердик каттоого тургузуу жана жарандарды аскер кызматына жана аскердик чогулууларга жөнөтүүнү уюштуруу боюнча комиссиялардын ишин уюштуруу үчүн райондук (шаардык) аскер комиссариаттарын жабдууланган чакырык (чогултуу) пункттары жана зарыл болгон санда кызматкерлер жана жумушчулар менен камсыздоо, аскердик-эсептик персоналды тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен кармоо (41-берене), аскердик жана альтернативалык кызматтарга жарандарды чакырууну уюштурууга көмөктөшүү (15-берене).

Ушул мыйзамдын 32-беренесинин 3-пунктуна ылайык, альтернативалык кызматты өтөө тартиби КР өкмөтү тарабынан аныкталат (2009-жылдын 18-майында КР өкмөтү бекиткен "Кыргыз Республикасынын жарандарынын альтернативалык кызмат өтөөсүнүн тартиби жөнүндө" Жобо). Бул жободо ЖӨБ органдарынын башчыларынын милдеттери көрсөтүлгөн, анын ичинде, мисалы, жарандардын альтернативалык кызматты өтөөсүнө байланыштуу маселелер боюнча аскер комиссариаттары менен биргелешип иш алып баруу (4-пункт), альтернативалык кызматты өтөп жаткандарды аскердик комиссариатка чакырылганы тууралуу маалымдап туруу жана алардын өз убагында келишине көмөктөшүү; альтернативалык кызматты өтөп жаткан кызматкердин үй-бүлөлүк абалы, ден соолугу, билими, адистиги, жашаган жеринин дареги жана башка маалыматтары өзгөргөн учурда бул өзгөрүүлөрдү анын эсептик картасына киргизүү жана бир апталык мөөнөттүн ичинде бул тууралуу аскер комиссариатына маалымат берүү (11-пункт).

## Райондук аскер комиссариатынан сөгүш тууралуу

### Суроону АӨ кызматкери узатты

**- Аскер кызматына жана альтернативалык кызматка чакырууда ЖӨБ органдары райондук аскер комиссариатына жардам берет. Бирок райондук аскер комиссариаты альтернативалык кызматты өтөп жаткан аскер кызматкеринин 3 жылдык кызматы үчүн 12 000 сом өлчөмүндө акча төлөмүн КР Коргоо министрлигинин атайын эсебине өз убагында жибере албаганы үчүн аскердик-эсепке алуу столунун (АЭС) инспекторуна дайыма эле сөгүш жарыялап келет. Райондук аскер комиссариаты жергиликтүү өз алдынча башкарууга мыйзам тарабынан бекитилбеген функциясы үчүн сөгүш жарыялоого укугу барбы, же бул тууралуу башка инструкцияларда же жоболордо көрсөтүлгөнбү?**

- Чындыгында эле "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпы аскердик милдеттери жөнүндө, аскердик жана альтернативалык кызматтар жөнүндө" КР мыйзамына жана 2009-жылдын 18-майында КР өкмөтү бекиткен "Кыргыз Республикасынын жарандарынын альтернативалык кызмат өтөөсүнүн тартиби жөнүндө" Жобого (мыйзамдын 32-беренесинин 4-пункту жана Жобонун 9-пункту) ылайык, альтернативалык кызматты өтөөдө альтернативалык кызматтын кызматкери чакырылган жери боюнча райондук (шаардык) аскер комиссариаттары аркылуу КР Коргоо министрлигинин атайын эсебине акча төлөмдөрүн котороору каралган. Жобонун 5-пунктунда ошондой эле ЖӨБ органдарынын башчылары менен биргелешип, аскер комиссариаттары аркылуу Куралдуу Күчтөрдүн Башкы штабы жарандарды альтернативалык кызматка чакырууну башкараары, алардын альтернативалык кызматтан өтүүсүн жана акча каражаттарын которуусун көзөмөлдөөрү көрсөтүлгөн. Аскер комиссарлары жарандардын альтернативалык кызмат өтөөсүн эсепке алышы, альтернативалык кызматты өтөөнүн тартибинин сакталышы үчүн жоопту, аларга альтернативалык кызматтын кызматкерлерин эсепке алуу, кызмат өтөө убагында эсептик-аскердик жана башка эсептик документтерди жүргүзүү, ошондой эле жарандардын альтернативалык кызмат өтөөсүнө, алардын акча каражаттарын которуусуна көз салуу милдети да жүктөлгөн (Жобонун 6-пункту).

**Ушундан улам АЭС инспектору альтернативалык кызматтын кызматкери которгон акча каражаттары үчүн жооптуу эмес.**

"Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпы аскердик милдеттери жөнүндө, аскердик жана альтернативалык кызматтар жөнүндө" КР мыйзамындагы 41-берененин 2-пунктуна ылайык, аскердик-эсептик персонал тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен кармалып келет, аскердик-эсептик персоналды дайындоо, которуу, иштен бошотуу же кыскартуу райондук (шаардык) аскер комиссарларынын макулдашуусу боюнча гана ишке ашырылат.

ЖӨБ органынын аскердик-эсептик столдун (АЭС) инспектору муниципалдык кызматкер деп эсептелет жана "Муниципалдык кызмат тууралуу" КР мыйзамынын 18-беренесине ылайык, муниципалдык кызматкерге дисциплинардык жазаны ишке алуу жана бошотуу укугуна ээ болгон кызматтагы адам бере алат, дисциплинардык жаза чараларын колдонуу тартиби жана шарттары КР эмгек мыйзамдарына ылайык бекитилет.

АЭС инспектору өз милдеттерин 2004-жылдын 23-февралында КР өкмөтүнүн токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы айылдардагы жана поселоктордогу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин Типтүү кызматтык инструкциясына, АЭС инспекторунун кызматтык инструкциясына ылайык аткарат. Ошондой эле ал айыл өкмөт аппаратынын муниципалдык кызматтагы адамы, мындан тышкары тиешелүү аскер комиссариатына жооптуу кызматтагы адам деп эсептелет. ЖӨБнун башчысы тиешелүү аскер комиссариаты менен макулдашып, КР мыйзамында көрсөтүлгөн процедураларга ылайык, инспекторду иштен бошотот.

**Ушундан улам аскер комиссарынын АЭС инспекторуна карата дисциплинардык жаза колдонууга – сөгүш жарыялоого укугу жок.**

# Паспорттук стол тууралуу

## Суроону АӨ кызматкери узатты

**- АЭС инспектору 2004-жылдын 23-февралында КР өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, паспорттук эсепти жүргүзүү маселеси боюнча №91 "Кыргыз Республикасындагы айылдардагы жана поселоктордогу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин Типтүү кызматтык инструкциясынын" негизинде иш алып барган. Анткен менен 2011-жылы ПВ жана КИБ (Паспорттук-визалык жана каттоо иштер бөлүмү) жетекчисинин Буйругунун негизинде АЭС инспекторунан эч кандай түшүндүрмөсүз каттоо жана паспорттук эсептен чыгаруу мөөрүн алып кетишти. Кайсы документтин (мыйзамдын же Өкмөттүн токтомунун же жаңы инструкциянын) негизинде айыл өкмөтүнөн жарандарды паспорттук эсепке тургузуу функциясын тартып алышканын түшүндүрүп берүүңүздү өтүнөм.**

- "Ички миграция жөнүндө" 2002-жылдын 30-июлундагы КР мыйзамынын 13-беренесине ылайык, жашаган жери жана КРнын чегинде жүргөн жери боюнча жарандарды каттоого алуу бекитилет жана жарандарды каттоо үчүн жооптуулар – жарандарды каттоо чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктуу кызматтагы адамдары аныкталат. Ушул мыйзамдын 15-беренесинин 1-пунктуна ылайык, жарандарды каттоого тургузуу органы болуп жарандарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган эсептелет. Ал эми жарандарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык органы болбогондуктан каттоочу орган болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы эсептелет.

Ушул мыйзамды ишке ашыруу максатында 2004-жылдын 4-декабрында КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген КР жарандарын жашаган жери жана турган жайы боюнча каттоо жана каттоодон чыгаруунун эрежелери тууралуу Жобо кабыл алынган. Анын 5 жана 9-пункттарында жарандарды жашаган жери жана турган жери боюнча каттоо үчүн жооптуу деп ички иштер органдары бар болгон калк отурукташкан пункттардагы ички иштер органдарынын жана башка калктуу пункттарда – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тиешелүү кызматтагы адамдары аныкталат.

2009-жылдын 22-октябрында ""Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн структурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашырууну камсыздоо боюнча чаралар жөнүндө" КР Президентинин указы менен КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) түзүлдү. Бул кызматка КР ИИМ карамагынан алып, паспортторду берүү боюнча функциялар өткөрүлүп берилди. Жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук акттарга ылайык, 2009-жылдын 17-ноябрында Өкмөт "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы жөнүндө" Жобо кабыл алды. Ал жободо МКК КР ИИМдин жарандарга жашаган жери боюнча паспорт берүү жана каттоо боюнча паспорттук-визалык көзөмөлдү башкаруу жаатында укук мураскери болду.

КР Конституциясынын 113-беренесине жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 20-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзамдын же келишимдин негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктар өткөрүлүп бериле алат. Жарандарды каттоо, паспорттук режимдин эрежелеринин аткарылышына көзөмөлдү жүргүзүү, жарандарды орнотулган тартиптин негизинде каттоого тургузуу же каттоодон чыгаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга кире алаары "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүмүнүн 2-пунктунда көрсөтүлгөн. Анткен менен ушул тапта мыйзамдар кабыл алына элек жана мындай өткөрүп берүү тууралуу келишимдер түзүлгөн эмес.

2004-жылдын 23-февралында КР өкмөтүнүн токтому менен Кыргыз Республикасындагы айылдардагы жана поселоктордогу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин Типтүү кызматтык инструкциясы кабыл алынган. Анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ошолордун негизинде айылдардын жана поселоктордун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин кызматтык инструкциясын иштеп чыгуу жана жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитүү сунушталган. Паспорттук эсепти жүргүзүү боюнча типтүү кызматтык инструкцияга ылайык, паспорттук эсепти жүргүзүү боюнча милдеттемелер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы тарабынан райондук ички иштер бөлүмүнүн паспорттук столдун жетекчиси менен макулдашуу боюнча айыл өкмөт аппаратындагы адистердин бирине жүктөлөт. Мына ушул нерсе сиздин да АӨ жасалган: силерде милдеттер аскердик-эсепке алуу столунун инспекторуна жүктөлгөн.

МКК департаментинин катында "бүгүнкү күндө ЖӨБО жарандарды каттоого тургузуу жана чыгаруу үчүн өз мөөрүнө ээ. Ошентсе да ушул тапта Департамент жарандарды каттоо үчүн ЖӨБОга бирдиктүү мөөрдү бекитүү иштери жүрүүдө" деп белгиленген.

Ушундан улам ЖӨБО Мамлекеттик каттоо кызматынын (МКК) Калкты каттоо департаментинин аймактык органдары болбогон жерлерде жарандарды каттоого тургузуу жана чыгаруу иштерин жүргүзүүдө.

Мындай буйруктун пайда болушун "Ички миграция жөнүндө" КР мыйзамынын 15-беренесинде каралгандай, МКК өзүнүн аймактык бөлүмчөлөрү аркылуу паспорттук эсепти жүргүзүүнү караштырып жатканы менен түшүндүрсө болот. Бул мыйзамга ылайык, жарандарды каттоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык органдары жок болгон калк отурукташкан аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары каттоочу орган деп эсептелет.

# Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактарынын тургундары жамааттын акчасын эмнеге сарптаарын өздөрү чечишти







**Султан Майрамбеков, Анара Мусаева, Айнура Балакунова,** “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун адистери

## Адамдардын демилгеси долбоорлордо ишке ашыш керек

“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жарандардын катышуусунун моделин үч пилоттук айылдык аймакта – Ивановкада, Төрт-Күлдө жана Ленинде сынады. Артыкчылыктуу маселелерди аныктагандан кийин муниципалитеттерде демилгелүү топтор түзүлүп, аларга айылдын активисттери, айыл өкмөт аппаратынын кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары кирди. Иш планы түзүлүп, атүгүл аларды ишке ашыруу боюнча алгачкы кадамдар да жасалды. Бирок демилгелүү топтор үчүн өзгөчө маанилүүсү – маселени чечүү үчүн аны долбоордо сүрөттөө. Бул демек жөнөкөй жарандардын демилгеси түзүлөт, аны башкалар угат жана ишке ашырат дегенди түшүндүрөт. Биз бул үч жамаатта артыкчылыктуу көйгөйлөр кайсы долбоорлорго киргенин, бул долбоорлордун сынагы кантип өткөнүн жана алардын кийинки тагдыры кандай болоорун айтып беребиз.

**Пилоттук муниципалитеттерде аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрду чечүү жолдору**

| Артыкчылыктуу көйгөйлөр | Долбоорлордун аталышы |
|---|---|
| **Ивановка АА** | |
| Таштанды топтоо жана алып чыгуу боюнча | «Айыл – биздин үйүбүз, аны иретке келтирели» - таштандыны топтоо жана жана чыгарууга шарт түзүү |
| Калк үчүн клубдун же кечки убакытты өткөрүү жаштар үчүн жайдын жоктугу | «Спорт – бул это здоровый образ жизни» - стадионду оңдоо;<br>«Маданият жана эс алуу багы» - эс алуу багын оңдоо жана көрктөндүрүү |
| Көчө жарыгынын жоктугу | «Жарык көчө» - айылдын көчөлөрүнө жарык орнотуу |
| **Төрт-Күл АА** | |
| Таштанды топтоо жана алып чыгуу | «Таштандыдан арылалы, таза турмуш, таза жашоо» |
| Жергиликтүү жолдор жана көпүрөлөр | Төрт-Күл айыл аймагынын ички жолдорун оңдоо |
| Мектептер | «Темир-Канат айылындагы К.Тилеков атындагы орто мектепти капиталдык оңдоп-түзөө»<br>«Төрт-Күл айылындагы Б.Мамбетов атындагы орто мектептин терезелерин алмаштыруу» |
| Бала бакчалар | «Туура-Суу айылында орто мектептин негизинде балдар аянтчасын куруу»<br>«Төрт-Күл айылындагы бала бакчанын негизинде балдар аянтчасын куруу» |
| Жашоочулар кечки убактысын өткөрө турган жана ден соолугун чыңдоо үчүн жайлар жок | «Клубдар үчүн инвентарларды сатып алуу» |
| **Ленин АА** | |
| Таштандыны алып чыгуу | «Айылдын тазалыгы – бул калктын саламаттыгы», таштандыны топтоо жана алып чыгуу үчүн атайын техника сатып алуу, таштандыны топтоону жана алып чыгууну уюштуруу |
| Айыл ичиндеги сугат суу | «Орто-Сай айылында сугат каналынын 1500 метр аралыгын куруу» |
| Социалдык чөйрөнүн иш-аракети | «Маданият үйүн капиталдык оңдоп-түзөө жана эмерек сатып алуу» |
| Социалдык чөйрөнүн иш-аракети | «Жыгач-Коргон айылындагы клубдун чатырын алмаштыруу жана айлан-тегерегин курчоо» |
| Жолдордун начар абалы | «Калк үчүн жаңы жол жана жарыктандыруу»<br>Жыгач-Коргон айылынын жаңы конушунун тургундарынын турмуш шартын жакшыртуу |

## Өз ара бир пикирге келүү – ийгиликтин жарымы

Өз жамааттарындагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн демилгелүү топтор түзүлдү: Ивановка АА – 4 топ, Төрт-Күл АА – 4 топ, Ленин АА – 10 топ. Маанилүү ролду демилгелүү топтун курамы ойноду. Алгачкы жолу ЖК депутаттары, АӨ кызматкерлери жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү маселени чечүү боюнча биргелешкен иш алып барды. Үч тарап тең өз ара жакындашып, бири бирин толуктап турду. Болочокто курамына үч тарап кирген Демилгелүү топтордун иш практикасы ЖӨБ органдарынын абройунун артышына жана калктын аларга карата ишенимине алып келет.

Активдүү жаран, жамааттын мүчөсү конкреттүү көйгөйдү аныктоого, иш аракеттерди пландоого башынан баштап эле аралашканда гана аны чечүү үчүн активдүү иштейт.  Ленин АА жаралган көйгөйлөрдүн себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо боюнча алгачкы жолугушууда анын катышуучулары "алардын пикирлерин эч ким укпаарын, жолугушууда айтыла турган маселелер чечилберин, бул жерге бекер эле чогулуп, убакыт текке кетип атканын" айтып жатышты. Анткен менен алардын көпчүлүгү долбоорду ишке ашыруунун алкагындагы иш-чараларга активдүү катышты: Апсатар Бөрүкулов – "Орто-Сай айылында узундугу 1 500 метр болгон суугаруучу каналдын курулушу" долбоорун иштеп чыгуу боюнча иш тобун жетектеди, Эралы Мавлянов – Ленин АА боюнча долбоорлоруна биргелешип  мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча жумушчу топтун курамына кирди. Ивановка АА биринчи чогулушта катышуучулар дээрлик суроо узатышкан жок, бирок коомдук угууларда Кириш маалынын соңунда абдан активдүү катышты. Билим берүү, жолдор, жарыктандыруу ж.б. боюнча суроолор абдан көп узатылды. Тургундар өз пикирлерин билдирип, ЖӨБО кызматташуунун жолдорун сунуштап жатышты.

**Курманов Токтобек**,
аксакалдар сотунун өкүлү:

"Мен эч качан мындай масштабдагы ишчарага катышкан эмесмин. Ар бир адам аны тынчсыздандырган суроо узатып, ага жооп алды. Сунуштар: 5 же 3 билимдүү адамдан турган коомдук кеңешти түзүү. Алар бюджетке карата күмөн саноолорду жоюп, көзөмөл жүргүзөт. Жолду ондодубу – кеңеш бюджеттин аткарылышын карап, ишти кабыл алат. Маалымат такчасында эмне, кайсы акчага жасалганы тууралуу жазылат".

Пилоттук айыл аймактарында башкы артыкчылык болуп – инфраструктуралык көйгөйлөр табылды. Кырдаалды деталдуу изилдегенден кийин демилгелүү топ (ДТ) көйгөйдү долбоордо чагылдырууга киришти. Долбоорду иштеп чыгууга ЭҮЖӨБОБП Долбоорунун гранттык программасы дем берди. Анын алкагында муниципалитеттер долбоорду аткаруу үчүн каржылык колдоо алышмак.

## Долбоорду даярдоо процесси кантип жүрдү?

ДТ мүчөлөрү "Долбоорду иштеп чыгуу жана башкаруу" жана "Биргелешкен мониторинг жана баалоо" деген темада алдын ала тренингден өтүштү. Тренингдин катышуучуларынын көбү үчүн бул ишмердүүлүктүн жаңы чөйрөсү болду, андыктан иштеп чыгуу процессинде катышуучулар белгилүү бир кыйынчылыктарга тушукту, өзгөчө арыздын формасын толтурууда жана долбоордун техникалык бөлүгүн түзүүдө. Бул кемчиликти ЭҮЖӨБОБП долбоорунун кызматкерлеринен консультативдик жардам алып, ДТ биргелешип жойду. ДТ мүчөлөрү уюшкандыкты, бириккендикти, биримдикти көрсөттү: өз ара милдеттерин бөлүштүрүп, ар кимиси өз участогу үчүн жооп берди – долбоордун техникалык бөлүгү үчүн, статистикалык маалыматтар үчүн, эксперттер менен иш алып баруу үчүн, долбоордун текстин компьютерде терүү үчүн.

## Мыкты тажрыйба. Төрт-Күл АА таштанды чогултуу көйгөйүн чечүү:

- Демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн катышуусу менен PRA-сессиялардын жана ЖӨБО таштанды чогултуу жана чыгаруу боюнча кызматын баалоонун алкагында  таштанды маселесин артыкчылыктуу катары аныктоо
- Бюллетендерди, баннерлерди, плакаттарды даярдоо менен коомчулукту таштанды чогултуу жана чыгаруу маселесине тартуу боюнча кеңири маалыматтык өнөктүк
- Таштандыны чогултууну жана чыгарууну уюштуруу боюнча башка муниципалитеттердин тажрыйбасын үйрөнүү (Беловодск АА жана Гавриловка АА окуу сапарлары)
- "Айылдын тазалыгы – элдин ден соолугу" долбоорун иштеп чыгуу
- Коомдук угуулар, алардан кийин өткөн кеңештин сессиясы. Анда төмөнкү маселелер каралды жана бекитилди: 1) ар бир короого жылына 70 сомдон тариф орнотулду; 2) таштанды чыгаруу үчүн чогултуунун тарифин аныктоо үчүн бизнес объекттерин жана башка субъекттерди текшерүү боюнча комиссия түзүлдү; 3) таштанды чыгаруу үчүн чогултууларда жеңилдиктер алынып салынды. Таштанды чыгаруу боюнча график түзүлдү. Бир айда болжол менен 10 миң сом чогулду, бул болсо кварталдык планга туура келет.
- "Таза айыл" акциясы (арыктарды тазалоо жана таштанды чыгаруу, 1500 терек отургузулду).
- Катышуучулардын 95% коомдук угууларды өткөрүү пайдалуу жана зарыл деп эсептешет, ал эми 92% катышуучу АӨ таштанды боюнча сунуштарына макул.

Бул процесс көйгөйдү жана аны чечүү жолдорун туура аныктоонун маанисин түшүнүүгө жардам берди. Ошол эле учурда ДТ мүчөлөрү кырдаалды реалдуу баалап, тиги же бул маселенин татаалдыгын баалай алышты. Чогуу иштешүү жамааттарга биригүүгө, анализдин негизинде маселени профессионалдуу чечүүгө, кесипкөй адистер менен иш алып барууну үйрөнүүгө жардам берди.

Жалпысынан демилгелүү топтор Ивановка АА 4 долбоордук сунушту, Төрт-Күл АА 7 долбоордук сунушту, Ленин АА 5 долбоордук сунушту иштеп чыкты.

## Долбоорлорду тандоо процесси кантип жүрдү?

2012-жылдын 15-16-март күндөрү Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактарында артыкчылыктуу долбоорлорду тандоо боюнча элеттик жыйын өттү. Артыкчылыктуу долбоорлорду тандоого карата ДТ иштелип чыккан долбоорлорунун бет ачарын плакаттарда чагылдырып, мында карталарды, схемаларды колдонуп, аны проектордун жардамы менен көрсөтүштү. Тандоо процесси татаал болду. Анткени ар бир демилгелүү топ анын гана долбоору мыкты жана маанилүү деп тандалышын каалап турду. Тандоо ЭҮЖӨБОБП долбоорунун гранттары боюнча критерийлерге ылайык жүргүзүлдү. Ивановка АА жашыруун добуш берүү менен "Айыл биздин үй, аны таза кармайлы" деп аталган КТК чогултуу жана чыгаруу боюнча долбоор тандалып алынды. Төрт-Күл АА жашыруун добуш берүү менен "Жергиликтүү жолдорду калыбына келтирүү" долбоору тандалып алынды. Ленин АА ачык добуш берүү менен "Айылдын тазалыгы – калктын ден соолугу" долбоору тандалды. Тандоо процедураларын жамааттар өз алдынча орнотушту.

## *Жеңүүчү долбоорлор*

## *Ивановка АА. Таштанды чогултуу жана чыгаруу боюнча долбоор*

Долбоордун өзөгүндө аймакты таштандыдан тазалоо үчүн шарт түзүү жатат. Бул үчүн кошумча техника сатып алуу зарыл. Анткени колдогу трактор дайыма эле бузулуп, өз убагында таштанды чыгара албайт. Таштанды чыгаруунун графигин түзүп, аны макулдашуу зарыл, калк арасында таштандынын кайсы түрлөрү чыгарылыш керектигин түшүндүргөн маалыматтык өнөктүк жүргүзүү керек; калкка таштанды үчүн орнотулган тарифтин маңызын түшүндүрүү зарыл. Бүгүнкү күндө жарым короо гана таштанды үчүн төлөйт, анткени көпчүлүк жерлерде таштанды чыгарылбайт жана калк төлөөдөн баш тартууда. Долбоордун бюджети:

- 1 286 900 сом же 100% – жалпы сумма;
- 1 000 000 сом же 77,7% – ЭҮЖӨБОЖ долбоорунан суралып жаткан сумма;
- 286 900 сом же 22,3% – айыл өкмөтү тарабынан кошо каржылоо.

**Салима Мырзатаева,**
Төрт-Күл айылдык кеңешинин депутаты:

"Чогулуп, артыкчылыктуу долбоорлорду талкуулай алганыбыз жакшы болду. Талкуулоо менен биз кайсы долбоор айылдык аймак үчүн өзгөчө маанилүү болгонун түшүнө алдык. Бардык эле долбоорлор биринчи кезекте ишке ашыруу үчүн тандалып алынбаганы менен, катышуу жана талкуулоо аркылуу канааттанууну сездик. Айыл өкмөт аппараты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жоопкерчилик алганы жана жергиликтүү жамааттын катышуусу менен долбоорду иштеп чыгуу процессин уюштура алаары жакшы болду".

**Кочкорали Курманалиев,**
Ленин АӨ башчысынын орун басары:

"Биз мониторинг деген эмне экенин түшүндүк. Буга чейин биз мониторинг жүргүзүү укугуна грант берген тарап гана ээ деп жаңылыш ойлочу экенбиз. Ал эми бул адамдар өз кезегинде аткаруучулар менен "сүйлөшүп" коё алат жана чыныгы кырдаал эки тарапка гана түшүнүктүү болот. Ошентип ишенбестик пайда болчу. Эми болсо мониторинг боюнча жумушту топ түзүп, анын курамына жергиликтүү кеңештин депутаттарын жана коомчулукту кошуш керектигин билебиз. Ошондо гана ишеним да, натыйжалуулук да болот".

**Огулай Рысбаева,**
Ленин айылынын тургуну, демилгелүү топтун өкүлү:

"Буга чейин мен долбоорлорду, анын ичинде донорлордун жана бейөкмөт уюмдардын колдоосу менен ишке ашыргандарга көп ишене берчү эмесмин. Бирок тренингден кийин бул чоң жоопкерчилик жана оңой эмес эмгек болгонун түшүндүм".

**Камчыбек Шаршебаев,**
Төрт-Күл айылдык кеңешинин депутаты:


"Долбоорго жана тренингдерге катышуу калктын активдүүлүгүн арттырды. Жарандар көйгөйдү талкуулоо жана аны чечүүнүн конкреттүү жолдорун табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ал эми мен депутат катары эми айылдык кеңештин ишине дагы да профессионалдуу катышып, өзүмдүн калк менен байланышымды активдештире алам".

## *Төрт-Күл АА. Ички жолдорду оңдоп-түзөө долбоору*

Төрт-Күл айылдык аймагында жолдордун жалпы узундугу 40 км түзөт. Ал 40 км узундуктагы кара жолдун 9 км оңдоп-түзөө талап кылынат. Долбоордун максаты: ички жолдорду оңдоого атайын техника сатып алуу. Долбоордун бюджети:

- 2 269 673 сом же 100% – жалпы сумма;
- 1 000 000 сом же 44% – ЭҮЖӨБОЖ долбоорунан суралып жаткан сумма;
- 269 673 сом же 12% – айыл өкмөтү жана





жергиликтүү жамааттан кошо каржылоо;
- 1 000 000 сом же 44% – спонсорлордун салымы.

## Ленин АА. Айылдын тазалыгы – калктын ден соолугу долбоору

Долбоордун өзөгүндө Ленин АА үч айылынан таштанды чыгарууну уюштуруу маселеси жатат. Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн белгилүү бир даярдык иштери көрүлдү: турак жай комуналдык чарбалыгы (ТЖКЧ) түзүлдү, ТЖКЧ тууралуу Жобо иштелип чыкты жана юстиция органдарында бекитилди, банкта эсеп ачылды. Айылдык кеңештин сессиясында таштанды жайы үчүн жер участогун бөлүү маселеси каралып, бекитилди. Коомдук угуу өтүп, анда калкка айылдар боюнча таштанды чыгаруу ишинин планы, графиги жана ТЖКЧ бюджети тартууланып, калк менен ар бир короодон ай сайын таштанды чыгаруу үчүн 25 сом өлчөмүндө акча чогултуу макулдашылды. ТЖКЧ 9 жаңы иш оруңдарын түздү. Бирок таштанды чыгаруу үчүн техника жок – бул маселени долбоор чечиш керек: 2-ПТС-4 прицеби менен МТЗ-82 тракторун сатып алуу пландаштырылууда. Долбоордун бюджети:
- 1 207 700 сом же 100% – жалпы сумма;
- 1 000 000 сом же 83% – ЭҮЖӨБОЖ долбоорунан суралып жаткан сумма;



- 207 700 сом же 17% – айыл өкмөтү тарабынан кошо каржылоо.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу

ЖӨБ органдарынын өз иши чачтан көп болгонуна карабастан бул процесстеги ролу өтө чоң. ЖӨБ органдары демилгелүү топтордун долбоорлорун иштеп чыгуу процессине башынан тарта катышты. АӨ адистери тарабынан техникалык жардам көрсөтүлдү: иш столдору, компьютерлер, долбоордук сунуштардын текстин терүү жана бет ачарды даярдоо иштери уюштурулду. Бул процессте ЖӨБ органдары жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү менен биргелешип иш алып барууда жакшы тажрыйбага ээ болушту.

Мында долбоорлорду тандоо прцессинде ЖӨБ органдары айылдардын бардык демилгелүү топтору жана өкүлдөрү үчүн тең шарттарды камсыздашы керек болчу. Эгерде адамдарда кайсы бир топ же кайсы бир айыл башкаларга салыштырмалуу көбүрөөк артыкчылыкка ээ болгону тууралуу шек жаралса, долбоорлорду тандоо ачыктык жана акыйкаттык принциптерин бузса, анжа кызматташуу эффектиси жоголмок. ЭҮЖӨБОБП долбоорунун байкоочулары пилоттук үч муниципалитет тең бул тапшырманы 100% аткара алганын белгилешти.

Долбоорлорду тандоонун натыйжасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө аралашуусу канчалык маанилүү болгонун жана алар канчалык деңгээлде маанилүү ресурс болуп бере алышарын түшүнүштү. Бул гранттык программанын өзгөчөлүгү – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары доноргo долбоордук сунуштарды жамааттын колу менен даярдайт, ал эми өздөрү болсо анын аткарылышы үчүн жооптуу болот. Мында жергиликтүү жамааттын активисттери өз ролун көрүп, мониторинг топтор түзө салышты жана долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүнө байкоо салууга даяр турушат.



**Гуляим Шамшидинова,**
«Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун ЖӨБ менен иштөө боюнча адиси

# Төрт-Күл айыл аймагы: калк менен диалог жаңы деңгээлге чыкты. Катуу тиричилик калдыктар боюнча өткөрүлгөн комдук угуулардын натыйжалары

**Пилоттук Төрт-Күл айылдык аймагына (Тоң району, Ысык-Көл облусу) карата ЭҮЖӨБОЖ долбоорун ишке ашыруунун биринчи баскычын жыйынтыктап жатып, Долбоор да, ЖӨБ органы да максатына жетти деп ишенимдүү айтса болот. Чындыгында максат бир болчу – бул ЖӨБО ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын жана айкындуулугун күчөтүү жана жергиликтүү маанидеги иштерге элет тургундарын тартуу. 2012-жылдын 27-мартында “Тазалык – жашоонун булагы!” аттуу ураан менен Төрт-Күл айылындагы орто мектептин жыйындар залында Төрт-Күл айылдык аймагында “Катуу-тиричилик калдыктар (КТК) боюнча кызмат көрсөтүү” аттуу темада коомдук угуунун өтүшү буга далил болуп берет. Бул ушуну менен КРда кызматташтык боюнча Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык Өнүктүрүү Министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланган жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан ишке ашырылган “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) колдоосу менен аймак өткөрүп жаткан экинчи коомдук угуу болуп калды. Буга чейин, 2012-жылдын январь айында бул айыл өкмөтү аймактын тарыхында алгачкы жолу “2011-жыл үчүн бюджеттин аткарылышы” аттуу темада коомдук угуу өткөргөн (“Муниципалитет” журналынын мурдагы сандарын караңыз).**


**Катуу-тиричилик калдыктар (КТК) боюнча кызмат көрсөтүү маселесин АӨ жергиликтүү калк менен биргелешип талкуулаган экинчи угуулар жалпы жамаат үчүн бурулуш окуя болуп калды. Биринчиден, угуулар айылдын актуалдуу көйгөйү боюнча тагдыр чечээрлик чечимди биринчи жолу биргелешип кабыл алуунун үлгүсү болуп калды. Экинчиден, айыл өкмөтү жамаат менен диалогду уюштурууда жана жарандарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартууда өз жөндөмүнүн артканын көрсөтө алды. Үчүнчүдөн, угуулар ЭҮЖӨБОЖ Долбоору сунуш кылган Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жарандык катышуунун Моделинин натыйжалуулугунун дагы бир далили болуп калды.**






## Угууларга даярдык жана аны өткөрүү процесси

Төрт-Күл АА "Катуу-тиричилик калдыктар (КТК) боюнча кызмат көрсөтүү" деген темада коомдук угууга айылдык аймактагы үч айылдан 148 адам (97 эркек жана 51 аял) катышты: дыйкандар, мугалимдер, ишкерлер, пенсионерлер, жумушсуздар, үй кожойкелери ж.б., анын ичинде АӨ кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана облустук жана райондук ММК өкүлдөрү бар. Коомдук угууга АӨ кызматкерлеринин гана эмес, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрага баш болгон депутаттарынын жана демилгелүү топтун өкүлдөрүнүн активдүү катышка-








ны бул иш-чаранын уникалдуулугун тастыктап турат. Демилгелүү топтун өкүлдөрү мунун алдында КТК боюнча кызмат көрсөтүүнү баалап, туш келди чачылып жаткан таштандыларды сүрөткө тартып, коомдук угуулар үчүн аларды басып чыгарып, бет ачар материалдарды даярдап, КУ катышуучулары үчүн тартуулашты. Эмесе, күн тартибине төмөнкү маселелер кирди:

- КТК боюнча кызмат көрсөтүүнү баалоонун жыйынтыктарынын бет ачары;
- КТК кызматын көрсөтүү жана уюштуруу структурасынын долбоору тууралуу маалымдоо;
- кызматты керектөөчүлөр менен мамилелерди бекитүү тартибин талкуулоо;
- таштанды аянтчаларынын курулушу үчүн жерди тандоо;
- КТК чыгаруунун графиги тууралуу талкуу;
- таштанды чогултуунун эсеби тууралуу маалымдоо; КТК боюнча кызмат көрсөтүү боюнча 2012-жылга бюджет долбоору тууралуу.

Угуунун катышуучуларынын арасында КТК боюнча кызматтын тарифи тууралуу маселе өзгөчө кызыгууну жаратты. Адегенде айыл өкмөтү 2009-жылы кеңештин сессиясында бекитилген тарифти эле калтырып коюуну пландаштырган. Ал тариф боюнча жылына бир үй-чарбачылыгынан 50 сом өлчөмүндө чогултуу каралган жана бул сумманы 12 айга бөлсө, бир короодон 4 сомдон болот. Мында айыл өкмөтү боюнча чогултуулар 18% гана түзүп, 2011-жылы 14 000 сом гана болгон. Бул каражат кызматты толук көлөмдө көрсөтүү үчүн жетишсиз болчу. Бул кырдаал дээрлик ар бир көчөдө туш келди таштандынын үйүлүп калышын шарттады. Бул маселенин тегерегинде түзүлгөн көйгөйдүн актуалдуулугун жана курчтугун эсепке алуу менен угуулардын катышуучулары тарифти жылына ар бир үй чарбачылыгы үчүн 50 сомдон 100 сомго чейин көтөрүү сунушун беришти. Мындан тышкары жергиликтүү калк социалдык макамына карабастан таштанды чыгаруу үчүн акы төлөөдө 427 үй чарбачылыгына берилген жеңилдиктерди алып таштоону сунуш кылды. Ошондой эле бизнес субъекттерине жана башка объекттерге таштанды чыгаруу үчүн өзүнчө тариф орнотууну, жылына 200-300 сомго чейин көтөрүүнү сунуш кылды. Добуш берүү жолу менен КУ катышуучулары бул маселени кеңештин сессиясында кароону сунуш кылышты.

Коомдук угуунун көпчүлүк катышуучулары таштанды чогултуу үчүн аянтчалардын болбогонуна даттанышты. Ошондой эле үч айылга тең пландалып жаткан кум блоктон 16 стационардык аянтча көчөлөрдүн жалпы санын, атүгүл ар бир көчөдө туш келди таштанды үйүлүп жатканын эске алганда жетишсиз болоорун айтышты. Катышуучулардын айтымында, көчөнүн узундугун, же таштанды аянтчаларынын кошуна көчөдө жайгашканын эсепке алганда, таштанды салынган баштыктар контейнерлерге чейин жетпей калышы мүмкүн деген кооптонуу бар. Катышуучулар 16 контейнерге болжолдонуп жаткан чыгым маселесин да көтөрүштү: алардын баамында, бүгүнкү күндө 114 816 сом деген жалпы сумма жетишсиз, бул каражатка кум блоктон сапаттуу таштанды аянтчаларын куруу мүмкүн эмес, анын үстүнө таштанды аянтчаларынын көлөмдөрү да абдан эле чакан экен. Ушундан улам таштанды тез эле үйүлүп калат. АӨ жер уюштуруучусу катышуучуларга Беловодск жана Гавриловка АА практикасынан алынган мисалды келтирип, тажрыйба алмашуунун алкагында бул 2 айылдык аймактагы ушуга окшогон таштанды үчүн стационардык аянтчалардын ар кандай түрлөрү тууралуу айтып берди. Жергиликтүү кеңештин төрагасы тарифти жогорулатуу жолу менен гана таштанды контейнерлеринин курулушунун санын зарыл болгон деңгээлге чейин арттыруу мүмкүн болгонун белгиледи.

Таштанды чогултуу, тагыраак айтканда стационардык контейнерлердин саны жана жайгашкан жери боюнча маселе кызуу талкууга түштү. Бул көрүнүш таштанды көйгөйү чындап көкөйгө жеткенин жана актуалдуу, курч маселелердин бири экенин тастыктап турат. Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги айылдагы таштанды аянтчаларынын курулушу үчүн жерлер буга чейин үч айылдын старосталары менен макулдашып, аныкталганын билдирди. Натыйжада стационардык контейнерлердин курулушу үчүн жерди элет тургундарынын катышуусу менен дагы бир жолу кошумча талкуулоо керектиги макулдашылды.

## Айыл өкмөтү менен калктын мамилелеринде эмне өзгөрдү?

ЖӨБ органдары үчүн иш-чарага даярдык жана аны өткөрүү процесси чоң жетишкендик болду – ушул өңдүү иш-чаралар зарыл болгон бардык процедуралар жана эрежелер илдеттүү түрдө сакталды, ал

| КТК боюнча Төрт-Күл АА өткөрүлгөн коомдук угууларга катышуучулардын берген баасы | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сиз мурун коомдук угууларга катыштыңыз беле? | Сиз коомдук угууларды өткөрүү пайдалуу деп эсептейсизби? | Бүгүнкү коомдук угууда Сизге бардык маалымат түшүнүктүү болдубу? | ТТЧ уюштурулушуна макулсузбу? | Сиз бүгүнкү коомдук угууда таштандыны чыгаруу боюнча АӨ тарабынан жасалган сунуштарына макулсузбу? | Сиз АӨ тарабынан акыркы убакта жергиликтүү маанидегиищ-чаралар тууралуу көбүрөөк маалымдап калды деп эсептейсизби? |
| ОО БА | 85% | 95% | 86% | 94% | 92% | 55% |
| ЖОК | 14% | 0% | 1% | 1% | 2% | 10% |
| БИЛБЕЙМ | 1% | 5% | 13% | 5% | 6% | 35% |

эми коомдук угуунун алып баруучусу – жергиликтүү кеңештин төрагасы – өзүнүн оңой эмес тапшырмасын уюшкандык, сабаттуулук менен так аткарды.

Көпчүлүк билгендей эле, ушул өңдүү иш-чараларды уюштурууда көп сандагы адамдарды башкаруу өтө оор, бул олуттуу даярдыкты талап кылат. Бет ачардын беш катышуучусу тең (АӨ башчысы, демилгелүү топтун өкүлү, каржы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси, АӨ жер уюштуруучусу), анын ичинде алып баруучу да күн мурда сахнага чыгып даярданды. Бул нерсе алардын угууда мыкты сөз сүйлөөсүнө өбөлгө түздү.

Төрт-Күл аймагынын калкы үчүн алдын ала маалыматтык өнөктүк жүргүзүлдү: бюллетендер, чакыруу баракчалары, угууларды өткөрүү тартиби таратылып берилди. Угууларда айылдын ар бир тургуну тартипти сактап, жердештеринин ар бир сөздөрүнө сый мамиле жасап, сүйлөгөндөрдү кунт коюп угуп, талкууларга активдүү катышты.

Төрт-Күл айыл өкмөтүнүн калк менен конструктивдүү диалог жүргүзүү жөндөмү күн сайын артууда. Иш-чараларга даярдык көрүүнүн сапатына анализ жасай келгенде, айыл өкмөтүнүн ЭҮЖӨБОБП Долбоору менен кызматташтыгынын алкагында кадам сайын, калк үчүн ар бир жаңы иш-чара менен аны уюштуруу жана өткөрүү сапаты жакшырып жатканын байкабай коюу мүмкүн эмес. Мисалы, 2011-жылдын 28-декабрында “Жергиликтүү маанидеги иштерге калкты тартуу деңгээли жана бюджеттик процесс, жергиликтүү маанидеги иштерде ЖӨБО дарамети” аттуу тема боюнча өткөн, 170тен ашуун адам катышкан айылдын биринчи жыйыны адамдар көбүрөөк “кыйкырып калуу” үчүн келгендей стихиялык чогулушка окшошкон. Катышуучулар бет ачарда сунушталган материалдарды өтө деле кунт коюп укпастан, жыйындын темасын четтеп, бири-биринин сөзүн бузуп жатышты, ал эми алып баруучу талаш-тартышка аралашып, кырдаалды көп жакшы көзөмөлдөй алган эмес. Экинчи иш-чара – 2012-жылдын 27-январында өткөн “2011-жыл үчүн бюджеттин аткарылышы” аттуу темада коомдук угууга 150дөн ашуун адам катышып, айыл өкмөтү тарабынан иш-чараны уюштуруу жана өткөрүү тартибине карата олуттуу жылыш байкалды. Катышуучулар ушуга окшош иш-чаралардын бардык процедураларын сактоого аракет жасаса, маңыздуу суроолорго жана конструктивдүү сунуштарга карағанда калк да ыкыластуу болгону байкалып турду. Бирок диалогду уюштуруу маселесинде кульминациялык жылыш “КТК боюнча кызмат көрсөтүү” деген темада өткөн коомдук уюштуруу болду: иш-чараны даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү үлгү болчу сапаттык деңгээлге чейин жеткени байкалды.

## Угуулардан кийин эмне жасалат жана эмне жасалды?

Эми Төрт-Күл АА соңку тарифти эсептөө боюнча иш жүргүзүп, жергиликтүү бардык өзгөчөлүктөрдүн негизинде жеңилдик системасын аныкташы керек жана КТК боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу структурасын жана кызматты керектөөчүлөр менен мамилени түзүү тартибин бекитип, таштанды аянтчалардын соңку санын аныктап, айылдар боюнча КТК чыгаруунун графигин бекитиш керек. Бирок алгачкы негизги кадам жасалды – таштанды маселеси угууда көтөрүлүп, иш бир орундан жылды. 2012-жылдын 29-мартында жергиликтүү кеңештин сессиясында төмөнкүдөй маанилүү чечимдер кабыл алынды:

- **Төрт-Күл АА боюнча таштанды чыгаруу үчүн чогултууну ар бир үй чарбалыгы үчүн 70 сом өлчөмүндө орнотуу;**
- **таштанды чыгаруу үчүн чогултуулар боюнча тарифтерди аныктоо үчүн бизнес объекттерин жана башка субъекттерди текшерүү боюнча комиссия түзүү;**
- **кийинки сессияда комиссиянын ишинин жыйынтыгын карoo;**
- **таштанды чыгаруу үчүн акы боюнча жеңилдиктерди алып таштоо.**

Баса, коомдук угуулардын натыйжасында жана кеңештин сессиясынан кийин айылдык аймак алгачкы жыйынтыктарын айта алат – март айы үчүн калктан таштанды үчүн 10 000 сом чогултулду. Бул болсо 2012-жылдын толук 1-кварталы үчүн таштанды чыгаруу боюнча акы чогултуу планына шайкеш келет. 2011-жылдын биринчи кварталында 14 000 сом чогултулган.

Бир жагынан угуулар таштанды менен күрөштүн белгилүү бир баскычынын жыйынтыгын чыгарды. Көйгөй аныкталып, аны чечүүнүн актуалдуулугун жана зарылчылыгын жергиликтүү жамаат жана ЖӨБ органдары таанып, чечүү жолдору иштелип чыгып, алгачкы кадамдар жасалды. Бирок булар алгачкы гана кадамдар. Эми жергиликтүү жамаат ЖӨБ органдары менен биргеликте айыл аймагын таштандылардан түбөлүккө арылтуу, өзүн жана өз балдарын коркунучтардан сактоо жана айылдарда жашоо үчүн дагы да ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн көп иш жасашы керек.

# Коомдук иликтөө: ураандан - технологияга

**Юрий Тригубович,**
«Новая газета в Сибири» гезитинин серепчиси,
Новосибирск мамлекеттик педагогикалык университетинин окутуучусу*

“Коомдук иликтөө – бул биргелешкен аракет менен чындыкка жетүүнүн таасирдүү ыкмасы”. “Так-Так-Так” сайтынын “тумшугунда” мына ушундай ураан жазылган. Мындагы ар бир сөз өзөктүү. Бирок бул жердеги “эң эле өзөктүү” технология – жарандардын жана журналисттердин “биргелешкен аракеттери”. Бул кантип ойлонуштурулган жана ал кантип жасалат? Орусиялык ММК көптөн бери эле жарандык коомчулук өз идеяларын ишке ашыралган жана аны тынчсыздандырган көйгөй тууралуу айта ала турган аянтча болбой калды. Интернет бул үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү берип жатат. Прессаны өнүктүрүү институту – Сибирдин “Жарандык коммуникациялардын мектеби” долбоорунун алкагында ойлонуштурулган “Так-Так-Так” аттуу Социалдык укук коргоочу түйүн журналисттик иликтөө жүргүзүп жатканда бүгүнкү күндө ММК тушуккан бир катар кардиналдык методологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө багыт алган.

## Бул кантип башталган?

Коомдук иликтөө идеясынын пайда болушу интернет менен байланыштуу. Жарандык активдүүлүктү көрсөтүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү издөө, биринчи кезекте атуулдардын өз ой-пикирлерин эркин билдирүү укугу Прессаны өнүктүрүү институту-Сибирди адам өз алдынча жалгыз чече албай турган көйгөйлөрдү коомчулук биргелешип чече турган интернет сайтты түзүү идеясына түрттү. Идеянын өзөгү – көп сандагы адамдарды тынчсыздандырган бир көйгөйдүн “чатыры” алдында сайттын колдонуучуларынын ыктыярдуу биригиши. Мына ушинтип Коомдук иликтөө идеясы жаралды. Сайттын түзүүчүлөрү укук коргоочу уюмдардын Коомдук (альтернативалык) иликтөөлөрүнөн айырмаланып, муну көбүрөөк “элдик иликтөөгө” жакын деп да эсептешет.

Жаңы форматта иш алып баруунун алгачкы аракеттеринин бири – темир тордун ары жагындагы медициналык тейлөөнүн көйгөйлөрүнө арналган Коомдук иликтөө болду. 30дан ашуун адам катышкан Коомдук иликтөө “Тартип коргоо органдарынын зомбулугунан сактап калгыла” деп аталды.

2010-жылдын март айында “Так-Так-Так” сайтына Новосибирсктин тургуну Юлия Ветрова кайрылды. Анын күйөөсүн тартип коргоо органдары шылуунчулук жасаган деген шек менен камакка алышкан. Николай Ветровго карата кылмыш ишин Новосибирск облусу боюнча Орусия Федерациясынын Прокуратурасына караштуу Тергөө комитетинин Тергөө башкармалыгынын Искитим райондор аралык бөлүмү тергеген. Ишти ушул бөлүмдүн тергөөчүсү Виталий Шошин жүргүзгөн. Юлия Ветрованын кайрылуусу эки көйгөй менен байланыштуу болчу. Юлиянын айтымында, биринчиси, анын күйөөсүнө каршы кылмыш иши мыйзамсыз козголгон. Экинчиси, Юлия Ветрованын бул сайтка кайрылган учурга карата ырасташынча, Николай Ветровго медициналык жардам толук өлчөмдө көрсөтүлгөн эмес.

Эки тема тең кылдаат көңүл бурууну талап кылды. Кеңешип көрүп, козголгон кылмыш ишинин мыйзамдуулугу темасы ал иликтенип бүтүп, анын жыйынтыгы боюнча сот процесси башталганда гана көтөрүлөт деп чечтик. Экинчи тема – медициналык тейлөө – бизге көбүрөөк коомдук мааниге ээдей көрүндү. Анткени ал жалгыз гана Николай Ветровдун тагдырына гана эмес, ошондой эле эркинен ажыратылган ар бир адамга да тиешелүү эмеспи. Анын үстүнө “Так-Так-Так” сайтынын уюштуруучулары 2009-жылдын күз айларында Новосибирск шаарындагы №1 СИЗОдо каза тапкан Наталья Воронцованын тагдыры тууралуу кабардар эле. Расмий маалыматтар боюнча, Наталья Воронцова өзүнө өзү зыян келтиргендин кесепетинен каза тапкан. Анткен менен бул версия ушул проблеманын актуалдуулугун эч эле азайтпайт. Көп өтпөй Коомдук иликтөөнүн команда мүчөлөрү буга ынанышты.

## Команда кайсы принциптер менен түзүлгөн?

“Так-Так-Так” түйүндөгү Коомдук иликтөө – бул Коомдук кызыгууну жараткан, бирок объективдүү эмес себептерден улам кеңири коомчулук үчүн жеткиликсиз болгон жана кандайдыр бир аз иликтенген маселени ар тараптуу жана кенен иликтөө. Коомдук кызыгуу дегенде биз коомчулуктун жарандардын укугунун жана эркиндигинин (жашоого укук, эмгекке жана эс алууга укук, билим алууга укук ж.б.) бузулуш себептерин табуу жана аныктоо керектөөсүн аңдай башташын түшүнөбүз. Коомдук кызыгуу – мамлекеттик жана башка органдардын, уюмдардын, же болбосо алардын кызматтык жактарынын аракетте-

* Басылма ээси Юкечев В.П. уруксаты менен жарык көрүүдө. Жергиликтүү масс-медиалар үчүн жаңы концепция: сиздин коомчулукта баарлашууну кантип жакшыртуу керек экендиги тууралуу 9 жооп. Новосибирск, прессаны өнүктүрүү Институту - Сибирь, 2010.

ринин (же аракетсиздигинин) натыйжасында пайда болчу кандайдыр бир терс аракеттерди алдын алуу боюнча жарандардын керектөөсү.

Иликтөөнүн темасын катышуучулар өздөрү тандайт. Муну кызыгуусу жана мүмкүнчүлүгү бар каалаган катталган колдонуучу (түйүндүн катышуучусу) жасай алат. Иликтөө башталганы тууралуу системада фиксация болгондон кийин Катышуучу Иликтөөнүн модератору деген макам алат.

Коомдук иликтөөгө кантип аралашса болот? Каалаган катталган катышуучу жарыяланган Иликтөөгө катышуу ниетин билдирип, арыз бере алат жана андан соң Иликтөө командасынын мүчөсү болот. Муну Иликтөө баракчасында “Катышуу” аттуу тиешелүү функциянын жардамы менен жасаса болот. Иликтөөнүн модератору бардык жаңы арыздар тууралуу билдирүүлөрдү алып, андан соң аларды же жактырат, же четке кагат. Катышуучунун арызы жактырылса, ал Иликтөөнүн Катышуучусу деген макамга ээ болуп, анын бардык материалдарын ача алат.


Иликтөө аяктаган учурга карата анын командасында 31 катышуучу бар болчу: алардын ичинен 12си журналист, бешөө юрист, калгандары “жарандык активисттер”, ошондой эле 1 милиционер жана 1 жеке детектив.


Коомдук иликтөөнүн материалдарын ким ала алат? Өтө маанилүү эскертүү: сайттагы бардык иликтөөлөр жабык режимде өтөт. Бул болсо Иликтөөнүн алкагында бардык суроолор, версиялар, талкуулар жана башка материалдар анын катышуучуларына, команданын мүчөлөрүнө гана жеткиликтүү дегенди түшүндүрөт. Бул тастыкталбаган фактылардын жана материалдардын жарыяланып кетишин алдын алуу үчүн зарыл. Иликтөө аяктагандан кийин анын катышуучулары Коомдук Бүтүм түзөт жана мындагы кайсы материалдарды ачыкташ керектигин, ал эми кайсыларын иликтөөнүн жабык архивинде калтырыш керектигин чечет.

## Иш кантип жүрдү?

Коомдук иликтөө жарыяланганда (2010-жылдын 9-марты) алгачкы команда иликтөөнүн планын талкуулоого киришти. Бул баскычта катышуучулар иликтөөнү Орусиядагы абак системасындагы медициналык жардам чөйрөсүндөгү мыйзамдык база жана медициналык жардам же көрсөтүлбөгөн, же өз убагында көрсөтүлбөй калган учурлар тууралуу маалыматты чогултуудан баштоо керек деген пикирге келди. Канча бир убакыт өткөндөн кийин бул маалымат сайтта пайда болду. Маалыматтын мүнөзү Орусия Федерациясынын Жаза аткаруу Федералдык кызматынын Башкы башкармалыгынын бөлүмчөлөрүнүн аракеттерин регламенттештирген мыйзамдык базада туруктуу мыйзам бузуулар болуп келатканын тастыктады. Мында Коомдук иликтөөнүн катышуучулары белгилегендей, темир тордун ары жагында медициналык жардамга байланыштуу нормативдик база абактагыларга жана иши тергелип жаткандарга каалаган медициналык жардамды көрсөтүүгө жол ачат.

Бирок адамдардын ден соолукка жана медициналык жардамга укугунун бузулуш масштабы таң калтырды. Коомдук иликтөөнүн жүрүшүндө биз аныктагандай, Орусиянын абак системасында адамдын саламаттыгын сактоо укугу же тергөөнүн кызыкчылыгында, же түрмөдө кармалгандарга медициналык жардамды көрсөтүүгө милдеттүү структуралардын






иши начар уюштурулганы жана башкарылганы үчүн бардык жерде бузулуп келет.

Муну менен катар биз Николай Ветровдун тегерегиндеги кырдаалды иликтедик. Адегенде Ветровго байланыштуу окуянын хронологиясын ар бир күнүнө чейин түзүп чыктык. Ошондой эле ага кандай кырдаалда жана кандай медициналык жардам көрсөтүлгөнүн аныктадык. Бул бизге тергөөчү Виталий Шошин Ветровдун оор абалын тергөөнүн кызыкчылыгында колдонууга аракет жасаган деген алдын ала тыянак чыгарууга жол ачты. Николай Ветров башынан өткөргөн окуялардын хронологиясы бир катар суроолорду так түзүүгө жана кайрылууларды кайсы дарекке жиберүү керектигин аныктоого жардам берди. Айрым суроолорго биздин катышуучулар-эксперттер жооп берди: алар нормативдик актtарды табууга, аларга шилтеме жана комментарий жасоого жардам беришти. Негизинен тергөөчү шектелүүчүгө карата кандай мамиле жасаш керек эле, андан тышкары Ветровдун ишин карап жаткан тергөөчү кандай мыйзам бузууларды кетирген деген маселелерге карата шилтемелер берилди. Андан тышкары биз бир катар оозеки жана жазуу түрүндө кайрылууларды уюштурдук жана аларга жооп алдык. Алардын бири – Новосибирск облусу боюнча ОФ ЖАФК ББ – тергөөчү шектелүүчүнүн саламаттыгынын абалын өз кызыкчылыгында колдонууга аракет жасаган деген алдын ала тыянакты тастыктады.

## Эмесе, бүтүм!

Орусиядагы пенитенциардык системадагы бузуулардын далилдерин алып, Иликтөөнүн катышуучулары Коомдук Бүтүмдү түзүү баскычына келишти. Прессаны өнүктүрүү институту-Сибирь уюштурган семинарлардын биринде катышуучуларга Коомдук Бүтүмдүн типтүү түзүмүнүн долбоорун иштеп чыгуу жана талкуулоо тапшырмасы коюлду. Максат – Коомдук Бүтүмдүн негизги, анын ичинде формалдуу принциптерин түзүү. Сунуштар ар түрдүү болду: ар кандай даректер үчүн Коомдук Бүтүм вариантынан тарта (мамлекеттик структуралар, коомдук уюмдар, ММК), каалаган даректер үчүн Коомдук Бүтүмдүн жалпы текстине чейин. Натыйжада бардык катышуучулар Коомдук Бүтүмдүн тексти бир нече маанилүү милдеттүү элементтерден туруш керек деген пикирге келишти.

Биз Коомдук Бүтүмдүн текстине Коомдук иликтөөнүн темасына байланыштуу көйгөйдүн сүрөттөлүшүн коштук, анда адамдын фундаменталдык укуктарынын бузулушуна көрсөтүү милдеттүү түрдө камтылган. “Тартип коргоо органдарынын зомбулугунан сактап калгыла” Коомдук иликтөөсүндө бул – бардык эл аралык жана орусиялык мыйзамдарда бекитилген адамдын жашоого жана саламаттыкка болгон укуктарынын бузулушу. Коодук Бүтүмдүн текстине биз Коомдук иликтөөнүн жүрүшүнө байланыштуу иш жүзүндөгү базанын сүрөттөлүшүн, Коомдук иликтөөнүн темасы боюнча буга окшош окуяларга (прецеденттер) шилтемелерди коштук. Мында окшош окуялар терс да, оң да (мисалы, Адам укуктары боюнча Европа сотунун чечимдерине же өлкө ичинде соттук прецеденттерге шилтемелер) мүнөздө боло алат.

Коомдук Бүтүмдүн негизги элементтеринин бири – Резолюция болду. Мында Коомдук иликтөөнүн темасына байланыштуу иш жүзүндөгү бузуулар жана мамлекеттик түзүмдөргө, мыйзам чыгаруу бийлигине жана коомдук угууларга түрмөлөрдө оорулуулардын абалын нормалдаштыруу үчүн мүмкүн болгон чараларды көрүү керектиги тууралуу сунуштар камтылган. Мындан тышкары Коомдук Бүтүмдүн соңунда Коомдук иликтөөнүн бардык катышуучулары жана алардын профессионалдык ишмердүүлүгү жазылышы керек деп чечтик. Катышуучулардын баамында, бул Коомдук Бүтүмгө дагы да чоң салмак кошот.

## Мындан ары эмне болот?

Мунун артынан эле “эми эмне болот?” деген суроо жаралды. Коомдук Бүтүмдүн долбоорун талкуулоонун катышуучулары Коомдук Бүтүмдү түрдүү даректерге таратуу баскычында Коомдук иликтөө тобу өз ишин токтотпошу керек деген пикирге келди. Бул баскычта Коомдук Бүтүм жиберилген түзүмдөрдөн жооп алуу зарыл жана “Так-Так-Так” сайтынын катышуучуларын ошол түзүмдөрдүн реакциясынан кабардар кылуу керек. Мындан тышкары Коомдук иликтөө тобу эгерде ММКда Коомдук иликтөөнүн темасы тууралуу макалалар жазылса, анда аларга мониторинг жүргүзүп, сайтка жайгаштырыш керек.

Менин баамымда, социалдык түйүндөрдө иликтөө журналисттик иликтөөдөн бир гана нерсеси менен айырмаланат – ал Коомдук деп аталат, ал эми анын катышуучуларынын арасында профессионалдар да, жарандык коомдук өкүлдөрү да бар. Бирок бул жалгыз айырмачылык иликтөөнүн бардык форматын алмаштырып, аны убакыт жана мейкиндикте бөлүштүрүлгөн кылат.

Жаңы мезгилдин чакырыктары актуалдуу социалдык проблемаларды чечүүдө жаңы ыкмаларды талап кылат. “Так-Так-Так” социалдык түйүнүндөгү Коомдук иликтөөлөр мына ошондой чакырыктарга жооптордун бири болуп калат деп үмүт артабыз.